# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ИЮЛЬ 2017 | № 7 (68) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


### Көңүл чордонунда

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаңы мазмуну ........ 2

### Шаарлардын форуму

Кыргызстандын куттуу шаарлары: алар кандай болушу керек жана кандай болушат? ........ 9

### Мониторинг жана балоо

ЖӨБ органдарынын ишин баалоо аспабы (LSGPAT) ........ 16

### Юридикалык консультация

Жергиликтүү кеңештердин иши: айыл өкмөтү жана мамлекет менен өз ара аракеттер, депутаттык мандатты мамлекеттик кызмат менен айкалыштыруу, саясий партиялар жөнүндө ........ 25

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Чүй облусунун муниципалдык веб сайттарынын администраторлору Пайдалануучунун колдонмосу менен таанышты ........ 28

Миң уккандан бир жолу көргөн артык ........ 29

Акбашаттыктар 2018-жылга бюджет долбоорун талкуулашты ........ 31

Чүй облусунун Кочкорбаев муниципалитетинде ичүүчү сууну эффективдүү колдонуу маселелери талкууланды ........ 32







Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**



# Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаңы мазмуну

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
ӨСИ башкаруучу төрайымы,
"МУНИЦИПАЛИТЕТ" журналынын башкы редактору

**Дээрлик 30 жыл бою Кыргызстан мамлекети өзүнүн мамлекеттүүлүгүн жаңыдан түзүү жана өнүктүрүү менен алышып, жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө, ири шаарларда жана алыскы айылдарда тең шарттарды камсыздоого колу жетпей келген. Натыйжада өлкө жарандарынын жашоо деңгээли, мүмкүнчүлүктөрү жана кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгү, укуктарынын корголуусу бүгүнкү күндө аймактан аймакка, муниципалитеттен муниципалитетке кескин айырмаланып турат. Аймактык теңсиздиктин өтө терең социалдык жана экономикалык кесепеттери бар. Алардын ичинен анык болуп тургандарын атасак: ички жана тышкы миграция, экстремизмдин жана радикализмдин күч алышы, алыскы аймактардын жакырдануусу жана адамдардын ал жактардан көчүп кетүүсү. Мунун аймактын географиялык өзгөчөлүктөрү жана экономикалык потенциалы өңдүү объективдүү себептери бар. Бирок ошол эле кезде субъективдүү да себеби бар – бул башкаруудагы каталар.**

**Өткөн кылымдын 90-жылдары Кыргыз Республикасы жергиликтүү өз алдынча башкарууну децентралдаштыруунун жана өнүктүрүүнүн пайдасына туура тандоо жасаган. Анткени мындай модель мунай, газ же деңиз порттору өңдүү улуттук байлыктын арзан булактары болбогон учурда аймактын өнүгүүсүн жолго салат. Алыскы элет жергесинде таштанды тазалоону борбордон башкарып, президенттин буйругу боюнча "аюунун үңкүрүндөгү меш жагуучу жайды" оңдоп-түзөөнү экономикадан түшкөн олуттуу кирешелер, көп учурда казылып алынган, ресурстук кирешелер менен мамлекеттик бюджетин туруктуу толуктап турган өлкөлөр гана жасай алары эзелтеден бери белгилүү. Советтер Союзу ушундай мамлекет болчу, араб өлкөлөрү ушундай, Орусия Федерациясы жарым-жартылай ушундай өлкө бойдон кала берүүдө. Бирок экономикалык себептерден улам базар экономикасын тандап алган көпчүлүк өлкөлөр ошондой эле себептер менен децентралдаштырууну да тандашкан. Конкреттүү аймактын жашоочулары үчүн гана өтө маанилүү болгон маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу жана башкаруу укугун аймактык башкаруу органдарына, адатта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берип коюу бир кыйла арзан түшөт. Алар аркылуу жамааттарга бириккен жарандар аймакты башкаруу, көрктөндүрүү, турмуш тиричилигин камсыздоо үчүн өздөрүнө жоопкерчилик алышат. Мына ушинтип мамлекет айрым муниципалитеттерде канализация жана таштанды жыйноо менен эмес, жалпы улут үчүн мааниге ээ болгон стратегиялык маселелер менен алектенип жаткан чакта, мындай муниципалитеттерде туруктуулук жана ошол эле маалда жалпысынан өлкөнүн өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлөт. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү зарылчылыгы тууралуу сөз кылганда, биз биринчи кезекте социалдык туруктуулук жана экономикалык натыйжалуулук тууралуу, андан кийин демократия жөнүндө айтып жатабыз. Атүгүл көп деле демократиялуу деп эсептелбеген өлкөлөрдө да дайыма жергиликтүү өз алдынча башкаруунун элементтери бар. Мунун себеби жөнөкөй – бул экономикалык жактан пайдалуу.**

**Анткен менен жалпысынан туура тандоо жасаганына карабастан Кыргыз Республикасы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эффективдүү системасын түзө алган жок. Биринчи кезекте ЖӨБдү ресурстар менен камсыздоо чөйрөсүн айтсак болот. Бул факт бүгүнкү күндө айрым саясатчылардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун идеясынан шектенүүгө, атүгүл өлкө аймагын тикелей мамлекеттик башкарууга кайтаруу тууралуу сунуштарды берүүгө түртүп жатат. Кандайдыр бир тыянактарды жасаардан мурда эмне иштеп кеткенин, ал эми эмнелер ишке ашпай калганын түшүнүп, ошондон кийин гана чечим кабыл алуу зарыл.**

### Жергиликтүү бюджеттер

Узакка созулган ары-бери чайпалуулардан кийин жана бюрократиянын каршы туруусунан соң өлкөдө акыры эки деңгээлдүү бюджеттик система киргизилген. Ал эч качан максаттын максаты болгон эмес. Бул Конституцияда аныкталган бийлик системасынын күзгүсү болгон жана ошол бойдон кала берүүдө. Айталы, өлкө жарандарынын баары үчүн бирдей мааниге ээ, республикалык бюджеттин эсебинен чечиле турган мамлекеттик маанидеги маселелер бар. Ошол эле маалда конкреттүү муниципалитеттин жашоочулары үчүн маанилүү болгон, конкреттүү жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечиле турган жергиликтүү маанидеги маселелер да бар. Мындан улам суроо жаралат: коомдук финансынын бул бөлүктөрү бири-бири менен кантип айкалышат? Мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүү үчүн борбордо канча акча калтырыш керек, ал эми жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө канча каражат бөлүнүш керек? Бул суроого так кесе жоопту дүйнөлүк практикадан да таба албайбыз. Анткени бардык нерсе жергиликтүү өз алдынча башкарууга канчалык көлөмдө ыйгарым укуктар берилгенине жараша болот. Мисалы, саламаттык сактоо жана орто билим берүү жергиликтүү маанидеги маселе болуп, алар жергиликтүү бюджеттерден каржыланган өлкөлөр бар. Кыргызстанда бул чөйрөлөр мамлекеттин карамагында кала берүүдө. Өлкө кандайдыр бир согуштарга аралашпаганын, курал-жарак сатып алып турбаганын, космос кемелерин курбаганын, ал эми мамлекет каражатты негизинен социалдык чөйрөгө сарптаганын эске алганда бир нерсени божомолдоо акылга сыярлык болот: мамлекеттик финансы борбор менен жамааттар ортосунда тең жарымга болбосо да, жок дегенде ЖӨБ органдары аткарган функциялардын көлөмү менен аныкталган туура пропорцияларда, мисалы 60/40 деп бөлүнсө керек деген ой жаралат. Ушуну менен бирге мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин өсүш ыргагы болжолдуу тең болушу керек (инфляцияны, башка макроэкономикалык факторлорду эсепке алганда). Бул болсо борбор менен жамааттын керектөөлөрү тең өлчөмдө канааттандырылып жатат дегенди билдирет.

Анткен менен бюджеттердин ар кандай түрлөрүнүн кирешелериндеги өсүш динамикасын карасак, биз такыр башка картинаны көрөбүз. Республикалык бюджеттин кирешелеринин өсүш ыргагына салыштырмалуу жергиликтүү бюджеттердин кирешелери дээрлик өспөйт. Өсүш болгону 2011-2012-жылдары гана байкалган. Андан кийин үч жыл бою жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмүндө төмөндөө байкалып турган. Ошол эле маалда республикалык бюджеттин кирешелери туруктуу ыргак менен өсүп келатат. 2014-жылдан баштап жергиликтүү бюджеттердин өлчөмдөрүнүн динамикасы дээрлик жокко эсе, бул болсо инфляциянын жана улам көбөйүп жаткан милдеттенмелердин шарттарында иш жүзүндө

**1-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, млрд. сом менен**



**2-диаграмма. ЖБ жана РБ жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү, жыйынтыгына карата пайыздар менен**




төмөндөө дегенди билдирет. Ошону менен бирге республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жыйынды өлчөмүндө жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин үлүшү туруктуу түрдө төмөндөп жатат. Мунун бардыгы инфраструктура боюнча оор финансылык милдеттенмелерди кошкондо, жергиликтүү маанидеги маселелер каржыланбай калып жатканынан кабар берет.

Бул жөнөкөй диаграммалардан көрүнүп тургандай, коомдук финансы жергиликтүү жамааттардын пайдасына бөлүштүрүлбөй келатканынан, ал эми бул тенденция жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансылык абалын начарлашын көрсөтүп жатканынан кабар берет. ЖӨБ органдары зарыл болгон ресурстар менен камсыздалды деп айтууга болобу? Жок. Буга кошумча мамлекет ЖӨБ органдарына эч кандай финансылык колдоосуз эле өткөрүп берген ыйгарым укуктардын көлөмүн улам көбөйтүп жатканы да кырдаалды татаалдаштырууда. Айталы, акыркы эки жылда эле жергиликтүү маанидеги маселелердин саны 23төн 25ке көбөйдү. Буга эгемендик алган мезгилден бери мамлекет бир аз гана инвестициялаган элеттик инфраструктуранын эскирип жатканын кошуп көрүңүзчү. Ушуга эле аскерге каттоодон баштап, мамлекеттик майрамдарды жана эл аралык спорттук мелдештерди өткөрүүгө чейин ЖӨБ органдары иш жүзүндө аткарган, бирок төлөнбөгөн мамлекеттик маанидеги маселелерди да кошуңуз.

Аймактар башынан эле тең эмес болчу. Облус борборунан алыс эмес орун алган өрөөндөгү айыл алыскы тоолуу айылга салыштырмалуу өнүгүү үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ. Мындай маселени чечүү үчүн Кыргызстанды кошкондо, дүйнө жүзүндө теңдештирүү системасы бар. Бирок бул система натыйжалуу иштебей жатат жана эң коркунучтуусу – ачык-айкын эмес. Айтканга күлкү, бирок КР Өкмөтү менен бекитилген теңдештирүү формуласынын деталдарын өлкө боюнча Финансы министрлигинин айрым адистери гана түшүнөт. Калгандары теңдештирүү формуласы кантип иштегенин билишпейт. Деги эле ал иштейби? Эмне үчүн, мисалы, Аксы жана Чаткал райондорундагы калктын жан башына жергиликтүү бюджеттердин кирешелери дээрлик беш эсе айырмаланат? Же бул көрүнүш Чаткал районунда башкаруу Аксыга салыштырмалуу беш эсе көбүрөөк каражатты талап кылат дегенди билдиреби? Бирок ошол эле маалда Талас жана Чаткал райондору кирешелер деңгээли боюнча дээрлик айырмаланбайт …

Социалдык туруктуулукту камсыздап, туруктуу өнүгүү үчүн шарттарды түзүү максатында бери дегенде төмөнкүлөр зарыл: республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин бирдей өсүш ыргактарын

**3-диаграмма. Калктын жан башына эсептегенде жергиликтүү бюджеттердин кирешелери, миң сом менен**








камсыздоо; жергиликтүү бюджеттердин өлчөмү ЖӨБ органдары аткарган ыйгарым укуктардын өлчөмүнө шайкеш келүүсүн камсыздоо; теңдештирүүнүн эффективдүү системасын камсыздоо.

## Муниципалдык ассоциация

Ресурстарды адилетсиз бөлүштүрүүнүн натыйжасында түзүлгөн кырдаал, өзгөчө ЖӨБ органдарына улам жаңы милдеттенмелерди ресурстарды камсыздабастан, көзөмөлсүз жана жоопкерчиликсиз эле жүктөй берүү борбор менен жамааттар ортосунда эч кандай сүйлөшүү процесси жүрбөгөнүнөн кабар берет. Окурман “дегеле мындай сүйлөшүү процесси мүмкүн деп ким айтты?” деген суроону узатууга акысы бар. Улуттук байлыкты бөлүштүрүү маселелерин кошкондо, бардык маселелерди чечүүгө мамлекетте монополдук укугу жокпу? Эгерде мамлекет өзүн көңүл чордонунда адам турган демократиялуу деп эсептесе, анда улуттун жана жамааттын кызыкчылыктары ортосунда балансты сактоо максатында мындай сүйлөшүү процесси сөзсүз керек. Жаран өлкө тышында жашабайт, ал конкреттүү жамааттын чегинде жашайт. Ушуну менен бирге жамаат менен мамлекеттин кызыкчылыктары төп келбеши мүмкүн. Мисалы, мамлекет кенди иштетүүгө лицензияны сатып, пайда тапса, ал эми жергиликтүү жамаат мындан көптөгөн көйгөйлөрдөн башка эч пайда көрбөйт. Же тескери кырдаал – алтын кени орун алган жерде жашаган жергиликтүү жамаат кен казып алуудан түшкөн кирешени бардык жарандар жана өлкөдөгү жамааттар менен бөлүшкүсү келбей, кирешелерди толугу менен өзүндө калтырууну каалайт. Дагы бир мисал: мамлекет космодром же ядролук электрстанциясын курууну каалап, бул үчүн конкреттүү аймакты тандап алды дейли. Бирок бул аймактын жашоочулары – конкреттүү жамаат алардын үйүнүн жанында радиоактивдүү калдыктардын көмүлүшүн же башка экологиялык тобокелдиктер пайда болуусун каалабасачы? Мына бул – кызыкчылыктар кагылышуусу. Ал эми мындай кагылышуу, тирешүү болгон жерде сүйлөшүү процесси, кызыкчылыктарды макулдашып алуу процесси, өлкөнүн өнүгүү максаттары менен конкреттүү жамааттын өнүгүүсү ортосунда балансты табуу процесси да болууга тийиш. Борбордук өкмөт менен жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктар балансынын системасы дал ушундай сүйлөшүү процессинин өзөгүн түзөт. Өзүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн жергиликтүү жамааттарда бир гана жол бар – парламенттин каалгасын каккылоо, Жогорку Кеңештеги “өзүнүн” депутаттарынан жардам суроо. Натыйжада парламент да аймактык кызыкчылыктар тирешүүсүнүн чордонунда калат. Ал эми акылга сыярлык системада мындай тирешүүлөр өкмөт менен жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын сүйлөшүүлөрүнүн жүрүшүндө чечилиши керек. Эгерде бул этапта маселе чечилбей калса, анда Жогорку Кеңештин трибунасында чечилүүгө тийиш. Сүйлөшүү процесси биринчи кезекте бюджетке байланыштуу, улуттук байлыктын тагдырын чечүү боюнча борбор менен жамааттар ортосунда болушу керек.

Бул үчүн ЖӨБ органдарында сүйлөшүүнү жүргүзүүчү – өкмөт сүйлөшүүлөрдүн тарабы катары таанылган муниципалдык ассоциация болуш керек. Кыргызстанда көп жылдык тарыхы бар Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзу иштейт. Анткен менен ушул тапта ал сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү функциясын аткарбай келет. Мунун натыйжасында кызыкчылыктар талашы дайыма борбордун пайдасына чечилип, кызыкчылыктар балансы болбой калууда. Ушуну менен бирге узак мөөнөттүү пландан алганда, ошол эле турукусуздуктун, аймактык теңсиздиктин, турмуш шарттарын жакшыртуу ыргагынын жай болуусунун айынан жергиликтүү жамаат гана эмес, жалпысынан мамлекет да жапа чегет.

Сүйлөшүү процесси жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын коргоо үчүн гана зарыл болуп турган жок. Мындай процесс өкмөттүн чечим кабыл алуусун талап кылган көйгөйлөр тууралуу жеринен маалымат алуу; аймактардын жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен өз ишин пландоо, өкмөттүк жана башка мамлекеттик программалар менен саясаттын эффективдүү аткарылышын камсыздоо максатында өкмөткө да керек. Албетте муниципалитеттердин кызыкчылыктарын талашуу үчүн биринчи кезекте ЖӨБ органдарынын өзүнүн эрки талап кылынат. Бирок бул үчүн алар жетиштүү деңгээлде саясий, финансылык жана административдик автономияга ээ болуусу зарыл. Бул болсо ЖӨБдүн маңызын түзөт жана ансыз ЖӨБ органдары өз эркин билдире да албайт, башкаруу органы катары чыныгы ролун аткара да алышпайт. Ушул тапта ЖӨБ органдары мамлекеттик органдардан көз каранды жана демилге көтөрүп, жергиликтүү жамаат алдында отчеттуу болууга жол ачкан өз алдынчалуулукка ээ эмес. Бул жагынан алып караганда, ЖӨБ чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн жооптуу орган катары КР Өкмөтү сүйлөшүү процессин баштоо үчүн зарыл чараларды көрө алмак. Аны менен катар ЖӨБго тиешелүү маселелерди ЖӨБ органдарынын ассоциациясы менен милдеттүү түрдө алдын ала макулдашуу тууралуу мыйзамдык талапты; сүйлөшүүлөр процессинин регламентин, тараптардын укуктары менен милдеттенмелерин белгилөөгө багытталган мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

## Мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда өз ара аракет механизмдери

Сүйлөшүү процессинен тышкары башкаруу системасынын эффективдүү иши үчүн жана эң негизги калкка талаптагыдай кызмат көрсөтүү үчүн ЖӨБ органдары менен мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүнүн башка механизмдери да зарыл. Европа хартиясына[1] киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкару-

[1] Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Европа хартиясы Европада гана колдонулат деп ойлобош керек. Хартия мамлекет алдында гана эмес, ааламдашуудан улам жаралган коркунучтар алдында да жергиликтүү жамааттардын, азчылыктардын жана адамдын башка укуктарын коргогон

унун клаасикалык модели жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үч автономиясы болушун караштырат. Алар – саясий, административдик жана финансылык автономиялар. Бирок мындан тышкары ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен мамлекетти башкаруунун бирдиктүү системасына байлаган оюндун так эрежелерин караштырат. Негизги эреже – мыйзам үстөмдүүлүгү. Эгерде мыйзамдар жакшы болуп, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосунда ыйгарым укуктар так бөлүштүрүлсө, ресурстар ЖӨБ органдарына жүктөлгөн функциялардын жана ыйгарым укуктардын өлчөмүнө шайкеш бөлүштүрүлсө жана башкаруунун ар бир деңгээли өз милдеттерин өз алдынча, кынтыксыз аткарса, анда көптөгөн маселелер чечилип калмак. Ыйгарым укуктар аягына чейин бөлүштүрүлбөй, бири-бирин кайталоо болуп, жоопкерчилик түшүнүксүз болгон учурда башкача кырдаал түзүлөт. Мисалы, Кыргызстанда жоопкерчилик бир эле маалда мамлекеттик органдарга да, ЖӨБ органдарына да жүктөлүп, бирок натыйжада эки орган тең чечпеген коомдук маселелер көп же бири-бирин кайталоолор, бюджеттик каражаттардын натыйжасыз чыгымдоо орун алып келет. Мисалы, мындай көрүнүш башкаруу органдары менен кен казуучу компаниялардын өз ара аракети боюнча ыйгарым укуктарга карата болуп жатат[1].

Анткен менен ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү планында мыйзамдарды тазалоо процесси узак жана азаптуу, ал эми мыйзам үстөмдүүлүгүн камсыздоо андан да жеңил эмес болот. Ошондуктан мындай шарттарда мамлекет менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн кошумча механизмдерин түзүү талап кылынат. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана бийликти децентралдаштыруу деген жолду тандаганы менен, бийлик Кыргыз Республикасында зарыл автономияларды камсыздоо үчүн өтө аз иштерди жасаганы аз келгенсип, буга кошумча өз ара аракетти түзүү тууралуу такыр эле унутуп калганын колду жүрөккө коюп моюнга алууга туура келет. Эффективдүү өз ара аракеттенүү үчүн ушунчалык зарыл болгон, бирок жок процесстердин тизмегин иллюстрация катары көрсөтсө болот. Эмесе, алар:

- кызыкчылыктар кагылышын чечүү жана жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн биринчи кезекте бюджетке карата сүйлөшүү процесси (жог. караңыз);
- мейкиндикти пландоону жана мамлекет менен ЖӨБдүн өз ара аракеттенүүсүн эсепке алуу менен аймакты өнүктүрүүнүн комплекстүү пландоосу;
- тармактык маселелерди чечүүдө ЖӨБ органдарынын так ролун жана алардын министрликтер менен өз ара аракеттенүүсүнүн механизмдерин аныктоо менен тармактарды (билим берүү, айыл чарбасы ж.б.) өнүктүрүүнүн комплекстүү пландоо;
- функцияларды аныктоо жана кызмат көрсөтүү боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, бул болсо зарыл ресурстарды берүү жана талаптагылай мониторингди камсыздоо менен коштолот.

Бул процесстердин бири да талаптагыдай деңгээлде иштебейт. Ошондуктан муниципалитеттердин аймагында аткаруу механизмдери болбогондуктан мамлекеттик программалар жел сөз бойдон кала берет; ошондуктан кызмат көрсөтүүлөр ойдогудай аткарылбайт, муктаж болгон керектөөчүгө жеткирилбейт; ошондуктан ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар ашыкча жүктөлүп, өз функцияларын аткарууда натыйжасыз бойдон кала берүүдө; ошондуктан аймактар комплекстүү өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнөн куру калууда жана башкалар.

## Аймактык реформа үчүн зарылчылык жана шарттар

Узак жылдар бою түрдүү деңгээлдеги саясатчылар ыгы келсе да, келбесе да аймактык теңсиздиктен жана элеттик аймактардын өнүгүүсүнүн токтоп калуусунан панацея катары административдик-аймактык реформаны оозанып келишет. Көпчүлүк саясатчылар айылдык аймактарды ирилештирүү ишке ашканда ошол замата баарынын башына бакыт кушу конот деген ишенимде – башкаруу машинеси эффективдүү болот, бардык көйгөйлөр бир заматта чечилип калат, кызмат көрсөтүүлөр жанданып, жетиштүү болот, ал эми экономикалык өнүгүү буга чейин болуп көрбөгөндөй ыргак менен өнүгөт дешет алар. Тилекке каршы, мындай жөнөкөй чечимдер болбойт.

Чындыгында эле ирилештирүүгө муктаждык чоң жана ресурстарды бириктирүүдө, бир нече муниципалитеттин бюджеттери бириккендеги масштабдын эффектисинде камтылган жүйөлүү маани аймактарда оңолуулардын мурдагыдан да ири долбоорлорун ырааттуу аткарууга жол ачат. Ошондой эле административдик чыгымдар да кыскарат. Бул – чындык. Бирок башка бир чындык бар – бул процесс саясий жактан оор болуп, бюрократия менен калк тарабынан өтө чоң каршылыктар менен коштолот[2]. Мындай реформа баштапкы этабында олуттуу ресурстарды талап кылат. Анткени жарандарга эффектти тез көрсөтө салуу үчүн инвестициялар талап кылынат. Ошондой эле муниципалдык кызматчылардын санын кыскартууну жана мунун натыйжасында иштен бошотулганы үчүн компенсация төлөп берүүнү кошкондо, башкаруу органдарын кайра түзүп чыгуу керек болот. Ошентип реформаны баштоо үчүн өтө жагымдуу шарттар талап кылынат – саясий жана социалдык туруктуулук, кенен каражат. Албетте парламенттин жана өкмөттүн, биринчи кезекте премьер-министрдин өтө чоң саясий эрки да зарыл болот.

эл аралык принциптердин универсалдуу топтомуна айланганына көп болду. Хартияга Европага кирбеген да өлкөлөр тигил же бул деңгээлде кошулган. Мисалы, Орусия Федерациясы, Азербайжан, Армения, Грузия, Молдова, Түркия, Украина ж.б.

[1] Мыйзам менен бардык ыйгарым укуктар бир эле маалда жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга да, ЖӨБ органдарына да бекитилген.

[2] Ирилештирүүдөн өткөн өлкөлөрдүн, мисалы, Чыгыш Европа жана Балтика боюндагы мамлекеттердин жаңы тарыхы көрсөткөндөй, бул реформаны баштаган бир дагы саясатчы кызмат ордунда мөөнөтүнүн аягына чейин кармалган эмес. Анткени реформа өтө чоң нааразычылыктар менен коштолгон.





Эгерде жогорудагы бөлүмдө сүрөттөлгөн процесстердин болгонун камсыздай ала турган административдик реформаны жүргүзүү боюнча аракеттер жасалса мындай реформа бир кыйла жеңил өтөт. Мисалы, эгерде аймактарды өнүктүрүүнү комплекстүү пландоо процесси иштеп кетсе, анда кошуна муниципалитеттердин ресурстарын бириктирүү менен аймактын өнүгүүсүн кластердик деңгээлде пландоо бир кыйла пайдалуу болгонун жамааттар да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары да түшүнүшөт. Акыйкаттык үчүн айта кетиш керек, мындай учурда да ыктыярдуу биригүү бир заматта эле боло калбайт, бирок бул үчүн кыртыш бир топ даяр болуп калат. Муну башка процесстерге карата да айтса болот.

Ошону менен бирге жогоруда саналган процесстерди ишке киргизип же жандандыруу жергиликтүү жамааттарды ирилештирүүгө мажбурлоого караганда бүгүнкү күндө бир кыйла арзан жана тез болмок. Бул процесстерди ишке берүү менен, үч-беш жылдан кийин биз социалдык жана экономикалык натыйжаларды көрө алмакпыз – мына ошондо аймактык реформаны да пландай баштаса болот. Ошентип назарды реформанын административдик мазмунуна буруп, андан кийин гана аймактык реформага өтсө болот.

## Адам жана жамаат башкаруу системасынын максаты катары

Биз жарандардын муктаждыктарын канааттандырган, жарандарга кызмат кылган жана жарандар алдында отчет тапшырып турган (аларга отчеттуу болгон) "тейлеме" мамлекетке муктаж болгонубузду эч ким далилдебей деле койсо болот.

Бул чөйрөдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде көйгөйлөр бар. Жетиштүү ресурстар болбогондуктан, бюджет жергиликтүү жамааттарга зыян келтирүү менен борбордун пайдасына чечилип жаткандыктан ЖӨБ органдары эгемендик алган мезгилден бери жарандарга талаптагыдай сапаттагы кызмат көрсөтүүлөрдү зарыл болгон өлчөмдө жеткирүүгө алы болгон жок. Аймактарда жашоо токтоп калбашы үчүн жергиликтүү жамааттар көрктөндүрүү маселелерин чечүү үчүн өз алдынча аракет жасай башташты. Мына ушундан улам кызмат көрсөтүүлөр, көйгөйлөрдү чечүү, атүгүл инфраструктураны өнүктүрүү үчүн жоопкерчиликти жамааттардын, үй-бүлөлөрдүн, жарандардын мойнуна жүктөгөн тенденция пайда болду.

Айылдарда канча көпүрө, жолдор, мектептер, ФАПтар жана башка объекттер жергиликтүү жамааттын күчү жана акчасы менен оңдолгонун, атүгүл кайра курулганын санап бүтө албайбыз. Атүгүл инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу үчүн эл аралык донорлор талап кылган кошо каржылоо да жарандардын чөнтөктөрүнөн чыгып жатты, ал эми жумуштардын олуттуу бөлүгүн өздөрү эле жасап жатышты. Ашарды жүйөсүз кыянаттык менен пайдаланган көрүнүш пайда болду. Анын жүрүшүндө мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдардын эсебинен көрктөндүрүү боюнча өз милдеттенмелерин адамдардын эсебинен аткарып жатышты. Иш жүзүндө адамдар бул үчүн эки жолу төлөп жатышат – салык төлөөчү катары, андан кийин факт боюнча. Ашар чукул кырдаалдарда кошуналар бири-бирине жардамга келген ак ниет салттан жоопкерчиликти которо салуу практикасына айланып калды. Анын үстүнө ашар ыкмасы менен курулган объекттердин көпчүлүгү технологиялык талаптарга жооп бербейт жана бирэки жыл пайдалангандан кийин эле жараксыз абалга келүүдө. Мисалы, ашар жолу менен курулган мектептердин көпчүлүгүн Өзгөчө кырдаалдар министрлиги эксплуатациялоого болбойт деп тапты.

Жарандар мындан ары кызмат көрсөтүү жана инфраструктура үчүн бийликке эки жолу төлөгүсү келбей калды. Ашар оор экономикалык мезгил учурунда жергиликтүү жамааттарга инфраструктураларды сактап калууга жардам берди. Бирок учурда жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруудан милдеттенмелерин аткаруусун талап кыла башташты, бюджетти жана анын багытын жакшы түшүнүп калышты. Адамдар жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсүнө мурдагыдай эле салым кошууга даяр турушат. Бирок азыр аларды социалдык жана маданий көйгөйлөр көбүрөөк кызыктырууда. Ал эми инфраструктуралык маселелерди чечип берүүнү, ушуну менен бирге инфраструктуралык көйгөйлөр чечилиши үчүн жергиликтүү бюджет канчалык эффективдүү башкарылып жатканы тууралуу маалыматты ачыкка чыгарууну да жергиликтүү өз алдынча башкаруудан талап кылуу көрүнүшү пайда болду.

Айталы, төрт жылда жамааттардын 234 жергиликтүү демилгесине жасалган анализ базалык инфраструктурага жана жергиликтүү экономикага байланышкан долбоорлордун саны азайса, социалдык өнүгүү жана көрктөндүрүү чөйрөсүндө демилгелердин саны өскөн[1]. Ушундан улам ЖӨБ органдарына жергиликтүү жамааттар менен ашарга эмес, эффективдүү коммуникацияларга жана колдоо, кызматташтык механизмдерине негизделген өз ара пайдалуу мамилелерди түзүүгө жардам бериш керек. Мисалы, айрым шаарларда жасала баштагандай, жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бюджеттен дем берүүчү гранттарды колдонуу практикасын карап чыкса болот. Көпчүлүк донордук долбоорлор жергиликтүү жамааттардан ар кандай долбоорлорду кошо каржылоону, ашар түрүндө эмгек салымын кошууну талап кылып келгенин унутпаш керек. Бирок эми ЖӨБ менен жарандар ортосундагы кызматташтык-

[1] Жергиликтүү демилге: өп-чап турмуштан өнүгүүгө өтүү // Муниципалитет, ноябрь, 2016. Сайттан таба аласыз: http://www.municipalitet.kg/ky/article/full/1457.html

**4-диаграмма. Жергиликтүү демилгелердин тематикалык структурасындагы өзгөрүүлөр динамикасы, жыл ичиндеги долбоорлордун жалпы санына карата пайыздар менен (234 долбоор)**




тын дагы да формалдуу жана өз ара пайдалуу формаларына өтүүгө учур келди.

Ушул эле медалдын экинчи бети – айрым жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү коомдук уюмдарга башкарууга өткөрүп берүү. Айталы, Кыргыз Республикасында ичүүчү суу менен жабдууну ТСКАКБ коомдук бирикмелери, сугат сууну СПА, жайыттарды жайыт комитеттери башкарат. Балким бул деомкратиянын көз карашынан алып караганда жакшы көрүнүш чыгар, бирок соңку натыйжасына келгенде кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жана жеткиликтүүлүгү көз карашынан алганда өтө жаман. Бул маселелердин айрымдары үчүн соңку жоопкерчиликти ЖӨБ органдары алууда, бирок алар процессти эч башкарышпайт, анткени алар менен коомдук уюмдар ортосундагы кызмат көрсөтүүлөр боюнча келишимдер түзүлбөйт, тариф саясаты жок, сапатка жана санына көзөмөл жүргүзүлбөйт. Бул бирикмелерде өнүгүү үчүн ресурстар да жок. Ошондуктан калган инфраструктура эскирип, талкалануода, кызмат көрсөтүүлөр начарлоодо, келечеги бүдөмүк. Мындай бирикмелердин айрым жаркын мисалдары жалпы эрежени көрсөтүүдө – кызмат көрсөтүүлөр үчүн жоопкерчиликти жарандарга жүктөө туура эмес. Акыр аягында бийлик ошон үчүн бийлик да – ал жеке рынок бере албаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн жоопкерчиликти өзүнө алышы керек.

Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн ЖӨБдүн өнүгүү максаттарынын чордонуна адамды жана жергиликтүү жамаатты коюп, жарандар үчүн ыңгайлуулугу жана пайдалуулугу көз карашынан алганда башкаруучулук рецепттерди сунушташ керек. Бул үчүн бери дегенде кызмат көрсөтүүлөрдү ЖӨБ органдарынын башкаруусуна кайтарып, инфраструктураны каржылоону жөнгө салуу зарыл. Бирок ЖӨБ органдары бул тапшырмаларды сапаттуу жана толук көлөмдө жогоруда айтылган шарттарды сактаганда гана аткара алышат.

### Муундар ортосундагы адилеттүүлүк: жер казынасы жана менчик

Сөз соңунда өлкө келечегине тиешелүү болгон маанилүү теманы көңүл сыртында калтырууга болбойт. Кыргыз Республикасы өзүнүн жер казынасын, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу жерин жана менчигин жигердүү түрдө сатып келатышат. Ошону менен бирге башкаруу органдары бир саамдык пайданы, бир жолу түшкөн акчаны алышат. Бирок баары бул түгөнүп калчу ресурс экенин, андан кирешени бир жолу гана алып жатышканын унутуп калышкан сыяктуу. Болгондо да бул ресурстар азыр жашап жаткандарга гана эмес, болочок муунга да болгону унутта калууда. Муундар ортосундагы адилеттүүлүк үчүн жер казынасын жана кыймылсыз мүлктү менчиктештирүүдөн түшкөн бардык кирешелерди эки бөлүккө бөлүп коюу зарыл. Биринчи бөлүктү азыркы муундун "капиталдык", стратегиялык керектөөлөрүнө, ал эми экинчи бөлүктү болочок муун үчүн иштеген капиталга айландырыш керек. Мындай практика бийлиги келечектеги муун алдында жоопкерчилигин сезген өлкөлөрдө колдонулуп келет. Бизде болсо тыйынына чейин азыр жашап жаткандардын керектөөлөрүнө жана жалган муктаждыктарына сарпталууда. Мисалы, Жерүйдөн түшкөн кирешенин эсебинен жасалган инвестициялардын анализи көрсөткөндөй, акчанын жарымы жерге эле "көмүлүп" калган: колдонууга мүмкүн болбогон объекттерге же азыр бузулуп жаткан техникага сарпталган. Майрамдарга кеткен чыгымдарды айтпай эле коелу.

Жер казынасын жана жерди менчиктештирүүдөн түшкөн кирешелерди инвестициялоого мыйзамдык талаптарды киргизүү зарыл. Бул болочок муундун кызыкчылыктарын коргоп, келечектеги экологиялык кесепеттерди жоюуну камсыздап, коомдун, илим менен маданияттын өнүгүүсү үчүн ресурстук базаны түзүү максатында жасалат.

Жалпысынан Кыргыз Республикасында жергиликтүү жамааттар мамлекеттик саясаттын натыйжасында эмес, ага карабастан жашоосун улантууда. Бирок бул улут жана мамлекет үчүн өзүн өзү жок кылган жол. Мамсаясаттын максаттары жергиликтүү жамааттардын жана жарандардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен түзүлүп, ишке ашырылышы керек. Ал эми мамсаясаттын тапшырмалары өлкөдөгү бардык аймактардын чогуу жана ар бир муниципалитет менен ар бир жергиликтүү жамааттын өз-өзүнчө баланстуу өнүгүүсүнүн тегерегинде даярдалышы керек. Бул үчүн башкаруунун жогорку деңгээлдери башкаруунун мамлекеттик системасына да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын да өнүгүүсүнө тең көңүл буруушу керек.







# Кыргызстандын куттуу шаарлары: алар кандай болушу керек жана кандай болушат?

**12-13-май күндөрү борбор калаадагы Улуттук китепканада эгемен Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу "Куттуу шаарлар уюлу" аттуу форум өттү. Аны КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) жана "Шаар демилгелери" коомдук фонду менен биргеликте Өнүктүрүү саясат институту уюштурган.**

**Жаңы болгонуна карабастан иш-чара 250гө жакын катышуучуну чогулта алды. Ага мэрлер жана мэрия кызматкерлери, шаардык кеңештердин депутаттары, жарандык активисттер, башка өлкөдөн келген коноктор, эксперттик жамааттын адистери катышты. Бул болсо форумга масштабдуулукту гана эмес, ошону менен бирге тематикалык тереңдикти да берди. Ал эми ачылышына Президенттин аппарат башчысы Сапар ИСАКОВ, биринчи-вице-премьер-министр Мухамметкалый АБУЛГАЗИЕВ, ЖӨБЭММА директору Жумагүл ЭГАМБЕРДИЕВА, Швейцариянын Кыргызстандагы элчиси Рене ХОЛЕНШТАЙН, "Сорос-Кыргызстан" Фондунун директору Шамиль ИБРАГИМОВдун катышып, сөз сүйлөшү "Куттуу шаарлар уюлу" Форумун мамлекеттик маанидеги окуя деңгээлине алып чыкты.**



## Форум идеядан башталат

Урбан-форум Кыргызстанда ушуну менен үчүнчү жолу өттү. Буга чейин мындай чогулуштар Бишкек мэриясынын жигердүү катышуусу менен бишкектиктер үчүн, андан кийин Ош мэриясынын жигердүү катышуусу менен түштүктөгү борбор калаанын жана анын жанындагы шаарлардын коомчулугу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруусу үчүн өткөрүлүп келген. Анткен менен Кыргызстандагы көптөгөн шаарлар процесстин тышында калып, ошол эле маалда жаңы билимге жана ресурстарга муктаж болчу. Ошондуктан үчүнчү жолу форумду бардык шаарлар үчүн өткөрүү тууралуу чечим кабыл алынган. Форумдун өзөктүү идеясы – шаарларды өнүктүрүүнүн үстүнөн иштеген бардык практиктерди бирдиктүү горизонталдык тармакка бириктирүү жана чакан жана орто шаарлардагы жашоо сапатын жакшыртууга умтулуу. Куттуу шаарлар уюлу – шаар тургундарына ал жерде жашоо жаккан жагымдуу шаарлардын тармагы.

Форумдун алдында чоң жана көп күчтү талап кылган иштер жасалды. Бул иштер “Шаар демилгелери” коомдук фонду өлкөнүн беш шаарында жүргүзгөн масштабдуу изилдөөсүнөн башталган. Изилдөөнүн материалдары иш-чаранын программасынын өзөгүн түздү. Ал эми иш-чаранын өзүнө даярдыктар болсо жылдын башында башталган. Биринчи кезекте ачыктык жана айкындуулук принциптери менен иш алып барган уюштуруу комитети түзүлдү. Кыш жана жаз мезгилдеринде комитет беш жолу жыйналышка чогулуп, андан соң ар бир секция боюнча өз-өзүнчө эксперттер менен жолугушуулар, чет өлкөлүк баяндамачылар менен скайп-сессиялар өткөрүлдү. Секциялардын тематикасын аныктоодо көпчүлүк шаарлар үчүн маанилүү жана окшош болгон, жамааттардын күнүмдүк керектөөлөрүнө жана кызыкчылыктарына жооп берген суроолорго жана көйгөйлөргө багыт алышты. Анын үстүнө форумга катышкан ЖӨБ адистери секциялык талкуунун жүрүшүндө гана изилдебестен, ошону менен бирге алган билимин жана багыттарды практикада да колдоно алышы үчүн алар шаардын жашоо тиричилигинин түрдүү чөйрөлөрүн камтышы керек болчу. Башкача айтканда, форумдун аянтчасынан алган көндүмдөр шаар жетекчилигинин жана анын кызматтарынын ишинин реалдуу чөйрөсүнө “көчүп барышы” керек эле.

Швейцариянын КРдагы Элчилигинин көмөгү менен форумга Цюрихтен Филипп КОХ, Регула ИЗЕЛИ, Сайкал ЖУНУШОВА аттуу эксперттер чакырылды. Мындан тышкары анын ишине Латвиядан муниципалдык ассоциациялар боюнча эксперт Эдвинс БАРТКЕВИЧ да катышты.

Форумдун секцияларын даярдоого, негизги уюштуруучулардан жана ЖӨБЭММАдан тышкары 10 өнөктөш уюм катышты: Move Green, Улгайган адамдар үчүн ресурстук борбор, Азия өнүктүрүү банкы (CAREC программасы), Kg Labs коомдук фонду, Интернет саясаты боюнча жарандык демилге, Бишкек шаарын өнүктүрүү агенттиги, КР Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институту, ЖӨБ Союзу, Кыргызстандын Веложамааты, Youth of Osh, КРнын долбоордук уюмдар ассоциациясы, КР Экономика министрлиги. Натыйжада программа өтө кеңири болуп, бир нече залда параллель секциялар өтүп жатты.

## Өлкөнүн жана мамлекеттин желеги алдында эл аралык деңгээл

Форумдун негизги мамлекеттик өнөктөшү жана соуюштуруучусу КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) болду. ЖӨБЭММА шаарлардын жетекчилери менен иш алып барып, алардын форумга катышуусун камсыздап берди. Президенттин аппараты жана Өкмөттүн аппараты жогорку деңгээлдеги мамлекет жетекчилердин катышуусун камсыздады. Ошондой эле алгачкы форум үчүн шаарлардын биринчи кызмат адамдарынын – мэрлердин жана вице-мэрлердин да, мэриянын катардагы адистеринин, жигердүү шаардыктардын, үй комитеттеринин төрагаларынын жана кварталчылардын катышуусу өтө маанилүү болду. Натыйжада Кыргызстандын 31 шаарынан, Алматы, Кишинев, Цюрих, Барселона, Москва, Киев жана Еревандӑн коноктор болуп 253 киши каттоо тизмелеринде өттү. Буга чейин Барселонанын башкы архитектору болуп иштеген Висенте ГУАЙАРТ Форумдун жылдызы болду. Ал форумдун аянтчасында лекция окуп, ошондой эле университеттердин биринде да лекция окуду; шаар жетекчилери менен жоугушту.

Форумдун ийгиликтүү өтүшүнө көбүнчө алдын ала өткөрүлгөн шаардык изилдөөлөр да өбөкчү болду. Алар мэриялар менен оң өзгөрүүлөрдүн негизги жана кыймылдаткыч күчү болууга жөндөмдүү социалдык активдүү шаардыктар ортосунда коммуникациялык байланышты камсыздай алышты. Түрдүү шаар демилгелеринин артында турган мындай кайдыгер эмес адамдар үчүн форумга болгон даярдыктын жүрүшүндө атүгүл “шаарман” - шаарды жакшы жагына өнүктүргөн шаардык адам деген түшүнүктү берген термин да пайда болду. Бул - форумдун шаар маданиятынын өнүгүүсүнө болгон оң салым болуп, ал көпчүлүк адамдарга жагып калууга да жетишти.





## Ийгиликтер жана каталар

Позитивдүү учурлар аз болгон жок. Мисалы, форумду даярдоо жана өткөрүү процессине салттуу болуп калган пресс-конференциялар, пресс-релиздер ж.б. тышкары “жаңы медиа” (Фейсбук, таратып берме материалдар, интерактивдүү иш-аракеттер) жигердүү түрдө тартылды. Дагы бир позитивдүү учур – Форумда түрдүү мейкиндиктерди түзө алышты. Мисалы, “жашыл боз үйдө” катышуучулар курулушта экологиялык кадамдарды демонстрациялоого жана шаардагы урбанистикалык чөйрөгө оң таасирин тийгизген бак-дарактарга байланыштуу маалыматтар менен таанышып, консультацияларды алышты.

Эгерде каталар тууралуу айта турган болсок, алардын бири – шаар турмушу үчүн салттуу түрдө активдүү адистердин иш-чарага аз катышып калганы. Мисалы, адатта шаардагы көптөгөн иштердин башында турган архитекторлор бул жолу азыраак болду.

Жалпы программа тууралуу айта турган болсок, кийинки жолу катышуучуларды бейформал баарлашуусуна көбүрөөк убакыт караштыруу зарылдыгы белгилүү болду.

## Шаарларды бириктирип...

Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы бардык шаарлар Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу союзуна мүчө болуп эсептелишет. 2000-жылы Шаарлар ассоциациясы катары түзүлгөн бул уюм жергиликтүү өз алдынча башкарууну, муниципалдык кыймылды өнүктүрүүдө жана шаарларды бириктирүүдө чоң роль ойноду. Узак жылдар бою Ассоциациянын адистери туруктуу негизде укуктук консультацияларды өткөрүп, шаар администрацияларына маалыматтык кызматтарды көрсөтүп, саясий жана финансылык децентралдаштырууну илгерилетүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун таламын талашып, кызыкчылыктарын коргоп келди.

Акыркы жылдары ЖӨБ Союзунун ролу азайды. Мунун объективдүү себептери бар. Алардын арасынан олуттуу себептерге мамлекет тарабынан ЖӨБдү өнүктүрүүгө жетиштүү көңүл бурулбай жатканы, жергиликтүү бюджеттердин аярлуу абалы, мунун натыйжасында Союзга мүчөлүк акынын төлөнбөй жатышы, ЖӨБ органдарында жетекчилик кадрлардын тез-тез алмашып турушу жана башкалар бар.

Мындай кырдаал бери дегенде эки чоң көйгөйгө алып келди – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бийликтин башка деңгээлдери ортосундагы мамилелерди жөнгө салууга жөндөмдүү болгон улуттук деңгээлде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүчүнүн жоктугу жана тажрыйба менен алмашуу жаатында муниципалитеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнүн кечеңдеши.

Буга байланыштуу шаарлардын башчылары жана жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрү үчүн форумдун атайын сессиялары муниципалитеттердин өз ара аракетинин ийгиликтүү эл аралык тажрыйбасын көрсөтүүгө багытталып, КР ЖӨБ Союзун активдештирүү маселелери жана ЖӨБ органдары ортосунда түз кызматташтыктын мүмкүнчүлүктөрү талкууланды. Бул максаттардын алкагында Латвиянын жергиликтүү жана аймактык өкмөттөр ассоциациясынын башкаруусунун мүчөсү Эдвинс БАРТКЕВИЧтин жана Түркиянын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматташтык боюнча эл аралык ассоциациясынын мурдагы төрагасы Мустафа БАШКУРТтун баяндамалары тартууланды. Андан соң катышуучулар фокус топторго бөлүнүп, өздөрүнүн фасилитаторлору көрсөткөн багыт менен ЖӨБ Союзун өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, горизонталдуу сүйлөшүү процессин жана вертикалдуу байланыштарды кеңири талкуулашты.

Натыйжада мисалы, ЖӨБдүн шаардык органдары бизде жергиликтүү маанидеги маселелерде, негизинен КТК чыгаруу чөйрөсүндө муниципалитеттер аралык кызматташтык практикада колдонулуп жатканы анык болду. Муну Кара-Көл, Ноокат, Жалал-Абад шаарларынын мэрияларынын ишинен көрүүгө болот. Башка чөйрөлөрдө нормативдик тоскоолдуктар болбосо да, мындай өз ара аракеттенүү азырынча жок. Башкы себеби – жетекчилерде тажрыйбанын жана билимдин жетишсиздиги, оң тажрыйбаны топтоо жана жайылтуу системасынын жоктугу.

Ушундан улам жыйынтык чыгарса болот – ЖӨБ органдары консолидацияга муктаж, ал эми өлкөдөгү шаарлардын муниципалитеттер аралык кызматташуусу түрдүү чөйрөлөрдө чоң потенциалга ээ. Алар: социалдык өнүгүү, бизнес жана соода, туризм жана кызмат көрсөтүүлөр ж.б. Ошондой эле түрдүү фор-








маларда – кошуна шаарлардын, өлкөдөгү түрдүү аймактардагы шаарларды, атүгүл башка мамлекеттердин шаарларынын кызматташтыгы. Муну ЖӨБ Союзунун ишин активдештирүүнүн эсебинен камсыздаса болот. Бул үчүн кандай чараларды көрүү зарыл экени фокус-топтордун биринде каралган тема болду. Фокус топтун жыйынтыгы көрсөткөндөй, ушул тапта ЖӨБ Союзунун финансылык туруктуулугу үчүн шарттар түзүлгөн эмес. Бул демек Союзду өзгөчө баштапкы этабында колдоо үчүн финансы каражаттарын табуу зарыл. Салымдардын суммасын калктын жан башына эсептөө менен аныктаса болот же бюджетке кандайдыр бир пайызды кошуп турууга болот, же жергиликтүү салыктардан чегерип туруу мүмкүн. Бул сумма аныкталгандан кийин аны жергиликтүү кеңеште бекитүү зарыл. Союз жана анын мамлекеттен көз каранды болбогону өтө маанилүү.

### Жамааттардын катышуусу өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы катары

Шаардык жамааттар менен иш тажрыйбасы менен бөлүшкөн чет өлкөлүк коноктордун баяндамалары чоң кызыгуу жаратты. Аны менен катар Ольга КОРАБЛЕВА (Украина) Дивовыжни (“Таң калтырган шаардыктар”) долбоорунун чоо-жайы менен бөлүштү. Долбоордун жүрүшүндө уюштуруучулар коомчулукту “шаардын кароосуз калган бөлүгүнө” тарта алышты жана шаардыктар менен диалогдун натыйжасында болочоктогу объекттин негизги багыттуулугун аныктап, дизайнды макулдашып, мейкиндикти толтурушуп, реконструкциялоого каражат чогултуп, атүгүл шаардыктардын колу менен ремонт жүргүзө алышты.

Youth of Osh өкүлү Акмарал САТИНБАЕВА жигердүү шаардыктардын жардамы менен Оштун борборундагы сейил бакты калыбына келтирүү долбоору тууралуу айтып берди. Анын айтымында, шаардыктарды тартуу долбоордун ийгиликтүү ишке ашуусуна себепчи болду. Анткени алар жыйынтыкты өзүнүкү катары эсептешет жана долбоордун коргоочусу катары чыгышат. Ошондой эле ийгилик шаардык профилдик түзүмдөр менен тандемде ушул өңдүү долбоорлордун чоң сериясын жаратты. Бул болсо калган шаарлар үчүн жаркын мисал болуп калды.

Шаардыктарды коомдук турмушка жана көрктөндүрүү иштерине тартуу ушул өңдүү долбоорлордун ийгиликтүү болушунун негизги идеясы болгону анык. Ал эми диалог форматында шаар турмушунун бардык маселелерин, атүгүл эң майда жана көп деле олуттуу эмес маселелерин чечүү зарыл экени маалым. Атүгүл адамдар өзүнүн “жашоо чөйрөсүн” жакшыртууга тиешеси бар экенин сезишсе, анда долбоорду каржылоо көйгөй болбойт.

Жалпысынан жарандык катышуу жана өнөктөштүк механизмдери заманбап шаарлардын социалдык-экономикалык процесстерине терең сиңди. Адамдык жана социалдык капитал анын экономикасын жана башкаруусун кыймылдатууда. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу институттарынын алкагында жана анын чегинде калктын мэрия менен жөнгө салынган диалогу шаар бийлигине кайтарым байланышты жана жашоочулардын муктаждыктарына жана алардын көйгөйлөрүнө реакция жасоонун адекваттуу системасын камсыздап берет.

Форумдун үч сессиясы шаардыктардын шаардын өнүгүүсүнө катышуусуна тиешелүү болду. Алар: “Шаар коомчулугу”, “Шаардыктардын шаардын өнүгүүсүнө катышуусу” жана ийгиликтүү практикалар менен алмашуу. Сессиялардын алкагында Филипп КОХ Швейцариянын мисалында “Биргелешкен аракеттер шаары” лекциясын окуса, Иван ВЕРБИЦКИЙ Украинанын шаарларында жарандык активдүүлүк тууралуу өзү жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыктары менен тааныштырды. Талкууга Ош жана Жалал-Абад шаарларынын мэрия өкүлдөрү, ошондой эле Каракол шаарынын “Лидерлик” МВОдон Анастасия Стыценко жана “Сорос-Кыргызстан” фондунун директору Шамиль Ибрагимов катышты.

### Шаардагы окуялар өнөгүү аспабы катары

Окуялар маалымдоонун, диалогдун жана шаар чөйрөсүн өнүктүрүүнүн аспабы боло алабы?

Мирлан САТЫГУЛОВ “Жөө жүргүнчүлөр үчүн бейиш жолу” тууралуу айтып берип, мындай окуя балдардын жана айдоочулардын жол кыймылынын эрежелерин сактаганына кандайча оң таасир тийгизе аларына жүйө келтирди. Ал көңүлдү долбоордун туруктуулугуна жана ушул жылы жолдордо кырдаалдын курчуганына бурду. Бул өтө маанилүү шаардык окуяларды ишке ашырууда донорлордун жана демөөрчүлөрдүн боорукердиги да белгиленди.

Роза ОТУНБАЕВАнын фондунун өкүлү “Билим берүү фестивалын» өткөрүү тажрыйбасы менен бөлүшүп, балдардын билим алуусунда да, өспүрүмдөрдүн кесипкөй багыттуулугунда да долбоор канчалык маанилүү болгонуна токтолду. Бул иш-чара билим берүү кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүүдө маанилүү фактор болуп эсептелет дегенге кошулушту. Анткени фестивал бул чөйрөдөгү жаңы нерселер үчүн аянтча болуп, бардык кызыкдар жактар үчүн фестивалдын катышуучуларынын каталогун түзөт.

Данияр АМАНАЛИЕВ уюштуруучулардын либералдык мамилеси менен айырмалана алган “Музыкалык Эркиндик” долбоору тууралуу айтып берди. Долбоор музыканттарды шаардын көчөлөрүндө ойноо аркылуу манифестке чакырып, ал коомдук аңсезимде өзгөрүүлөрдү жаратып, шаар чөйрөсүндө да шаардыктардын, туристтердин жана эң негизгиси – өзүн өзү көрсөтүүнүн жаңы ыкмасын тапкан музыканттардын өзгөрүүсүнө алып келди. Долбоордун миссиясы - музыкалык эркиндиктин эсебинен шаарды уникалдуу кылуу.

Мына ушул баяндардан кийин шаарда болуп жаткан ар кандай окуялар жергиликтүү бийлик менен шаардыктардын ортосундагы диалог үчүн өтө маанилүү болгонун, ал диалог социалдык жана жарандык активдүүлүктү жаратып, агартуучулук иштерине көмөктөшөрүн түшүнүү оор деле эмес. Мындан тышкары алар коноктор жана туристтер үчүн калктуу конуштардын жагымдуулугунун көрсөткүчү болуп эсептелет. Бирок бул жыйынтыктарга жетүү үчүн аларды даярдоого олуттуу жана жоопкерчиликтүү мамиле жасаш керек. Ал эми бул болсо шаар бийлигинин милдети. Ошону менен бирге алар төмөн жактан түшкөн ар бир демилгеге реакция жасап, иш-чараларды аткарууда өнөктөштүк мамилени жигердүү колдонууга жөндөмдүү болууга тийиш.

### Шаар чечимдеринин лабораториясы

Форумдун катышуучулары “Шаар чечимдеринин лабораториясы” деп аталган эксперимент өтө чечкиндүү жана ийгиликтүү болду деген бир пикирге келишти. Эксперименттин маңызы – түрдүү шаарлардагы реалдуу жагдайларды алдын ала иштелип чыкпаган жана кабыл алынбаган чечимдерсиз эле чечүү. Катышуучуларга аталган жагдайларды чечүүдө бардык тараптардын кызыкчылыктарын эске алуу менен өз алдынча чечим кабыл алуу сунушталган.

Форумдун уюштуруучулары жеңүүчүлөрү болбогон “оюнду” сунушташты: 4-6 кишиден турган беш команда түзүлүп, алардан тапшырманын жоопторун чогултуп алышты. Бул жооптор кийинки күнү бардык катышуучулар менен талкууланды. Баса, жыйынтыктарды талкуулоонун өзү эле оюндун бир бөлүгү болуп калды. Анткени аудитория жаңы, кошумча сунуштамаларды түзүүгө жигердүү кошулду. Белгилей кетүүчү дагы бир жагдай бар, катышуучулардын көбү маселени чечүүнүн жолу катары кырдаалдын же жаралган маселенин пайда болуу себептерин талкуулабастан эле анын күнөөкөрлөрүнө айып салуу же түрмөгө отургузууну сунуштап жатышты. Ошондой эле көп учурда жоопкерчиликти шаар бийлигине жүктөө сунушталып жатты, ал эми бул болсо форумдун шаардын өнүгүүсүнө шаардыктарды тартуу жана алардын катышуу идеясына каршы келген. Советтер союзунун убагында калыптанып калган шаардын түзүлүшү тууралуу түшүнүк жана жалпы коомчулукка тиешелүү көйгөйлөрдөн өзүн өзү алып качуу адаты бизде дагы да болсо күчтүү. “Лаборатория” оюну катышуучуларга ша-



ардагы чыр-чатактарды чечүүнүн түрдүү жолдору жана андагы өздүк активдүү позициясы тууралуу ойлонуусуна өбөлгө түзүп берди.

Оюн катышуучулардын көпчүлүгүнө жакты. Айрымдар үчүн бул өзүн көрсөтүп, экспертиза менен бөлүшүү мүмкүнчүлүгүн берсе, башкалар үчүн өз билим казынасын толтуруп алууга себепчи болду. Ошондуктан бул усулду ушул өңдүү иш-чараларда көбүрөөк колдонуш керек.

### “Акылдуу” шаарлар жана шаардык маалыматтар

Кыргызстанда урбанизацияга карай туруктуу тенденция байкалууда. Глобалдык баалоолор боюнча 2050-жылы калктын 90% шаарларда жашайт. Өсүп келаткан муун келечегин шаар мейкиндигинде көргүсү келет. Калктын санынын өсүшү менен жаңы турак жайга, жумуш орундарына, маданий окуяларга болгон суроо-талап да өсүүдө. Калктын жыштыгынын көбөйүүсү менен инфраструктураларга, жолдорго, коммуналдык жана тартип коргоо кызматтарына түшкөн жүк да өсүп жатат. Бишкек жана Ош мэрияларынын бул тапшырмаларды аткарууга жөндөмсүз болуп жатканы басма сөз каражаттарында күн сайын терс маанайдагы макалалардын жарыялануусуна себепчи да болууда.

Бул маселелерди чечүү жолдорунун бири – “акылдуу” шаарларды куруу. Аталган ыкма чоң көлөмдөгү маалыматтарга санарип анализ жасоого, шаар чарбасын дагы да рационалдуу пайдаланууга көмөктөшө турган технологиялык датчиктерди, камераларды жана сенсорлорду орнотууга негизделген. “Акылдуу” шаарлардын концепциясы күн сайын байланыштын бардык каналдары аркылуу сөз болуп жаткан “Таза коом” улуттук программасынын бир бөлүгү болуп калганы да жөн жеринен эмес.

Форумдун тематикасына “Акылдуу шаарлар” секциясынын кошулушу катышуучулардын чоң кызыгуусун жаратып, секция жигердүү талкуулар менен коштолуп, пландалган эки саат менен чектелип калбай, атүгүл тыныгуу үчүн берилген убакытты да, кийинки секциялардын убактысын да ээлеп алды. Бул теманын алкагында Ош шаарынын вице-мэри Замирбек АСКАРОВ шаардын интерактивдүү картасынын мобилдик тиркемеси менен тааныштырды. Бул тиркеменин жардамы менен шаардыктар ком-

муналдык кызматтардын ишине даттана алышат, шаар үчүн маанилүү маселелер ыкчам чечилет. Тиркеме Youth of Osh бейөкмөт уюмунун өкүлдөрү менен биргеликте эл аралык донордун колдоосу менен иштелип чыккан. Бул долбоорго форумдун катышуучулары жогорку баасын беришти.

Тажикстандын "Интернет саясаты боюнча жарандык демилгелер" борборунун жетекчиси Мухамади ИБОДУЛЛОЕВ Душанбе мэриясынын шаардагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн технологияларды колдонуу жаатындагы жетишкендиктери менен бөлүштү. Баш калаадагы базарларда камераларды орнотуу менен негизги продуктыларга болгон базар баасына мониторинг жүргүзүү боюнча долбоор өзгөчө кызыгууну жаратты. Мисалдар жана сунуштамалар ири масштабдагы долбоорлорду ишке ашырууну пландаган чакан шаарлардын жетекчилиги үчүн өзгөчө пайдалуу болду.

SmartCity Lab (Москва Өкмөтүнүн бөлүмү) жетекчиси Эльдар ТУЗМУХАМЕТОВ "акылдуу" Москва шаары кандай болгону, кандай пайда көргөнү, кандай компоненттерден турганы жана шаардыктардын жашоо сапатына кандай таасирин тийгизип жатканы тууралуу кеңири баяндама жасады. Ал коммуналдык чарбалыктын ишине мониторинг жүргүзүү боюнча бардык зарыл болгон датчиктерди орнотжондон кийин кандай көйгөйлөр жараларына көңүлдү бурду. Көрсө, кар күрөгөн жана сугарган машинелерге байкоо жүргүзүү менен агрегаттардын жайгашкан жерин жана күйүүчү-майлоочу материалдардын иш жүзүндөгү чыгымын билүүгө болот экен. Бирок алар дал ошол машинелер кар күрөдүбү, жолдорго суу чачтыбы – муну билүүгө мүмкүнчүлүк бербейт экен. Эльдардын баамында, көлөмдүү маалыматтарга жасалган анализди колдонуу бөлүгүндө жаңы технологияларды жана башкаруучулук чарбалык чечимдерди иштеп чыгуу үчүн жасалма интеллектти жайылтуу зарыл.

IBM компаниясынын "Акыл-эстүү шаарлар" бөлүмүнүн жетекчиси Виктор ИГНАТОВ "Акылдуу шаар" долбоорун жайылтып жатканда башкаруучулукта жаралган көйгөйлөр тууралуу айтып берип, аларды IBM'дин мүмкүнчүлүктөр базасында чечүүнүн ыкмаларын мисал катары келтирди. Ошону менен катар ал "Коопсуз шаар" долбоорунун өзөгүн түзгөн бөлүктөрү менен тааныштырып, алдын ала божомолдогон, пландалган видео-аналитика муниципалдык кызматтардын реакция жасоо убактысын кантип тездете аларын, жолдордогу коопсуздук деңгээлин кантип жогорулатарын, имараттарга кеткен чыгымдарды кантип азайтарын баяндап берди.

Habidatum компаниясынын вице-президенти Екатерина СЕРОВА бул тематикадагы талкууну жаңы деңгээлге көтөрдү. Ал техникалык чечимдер шаардыктардын убакыт мейкиндигиндеги керектөөлөрүнө канчалык шайкеш келээри, "Акылдуу шаар" деген термин алдында биз эмнелерди түшүнөөрүбүз тууралуу маселени козгоду. СЕРОВА Рио-де-Жанейро шаарын мисал катары келтирип, бул шаарда убакыттык-мейкиндик анализинин жүрүшүндө видеобайкоо жүргүзүү камералары кылмыш көп болгон жерлерге орнотулбаганын айтты. Дагы бир мисалдын негизинде, Лондондун шаар мейкиндиги канчалык натыйжасыз пайдаланылып жатканын, күндүн кайсы бир маалында эл өтө көп болуп, башка учурдаээн калганын айтты. Же бир эле мейкиндики коомдун түрдүү топтору ар кайсы максаттарда, ар башка учурларда колдонот десек болот. Мындай маалыматтар "акылдуу" шаарларды долбоорлоп жатканда эске алынышы керек.

Адаттагыдай эле баяндамалар угуучулардын суроолору менен жыйынтыкталды. "Коопсуз шаар" долбоорлорун дүйнөнүн булуң-бурчунда жайылтуунун натыйжалуулугу, "Акылдуу шаарларды" жайылтуу көйгөйү тууралуу суроолор өзгөчө кызыгууну жаратты. Ошондой эле форумдун катышуучулары Оштун тажрыйбасы Кыргызстандын башка шаарларында жана калктуу конуштарында жакында ишке ашырыла баштайт деп үмүт артышты.

Пленардык сессиянын жыйынтыгы боюнча ар бир катышуучуда интерактивдүү карталардан баштап, шаардын убакыттык-мейкиндик хронотиптерин түзүү алгоритми жана машиналык окутууну колдонууга чейинки "Акылдуу шаарлар" концепциясын түшүнүүнүн этаптарынын жана деңгээлдеринин так жол картасы пайда болду деген тыянак чыгарсак болот. Катышуучулар баамдай алган эң маанилүү нерсе: технологияларды жайылтардан мурда бул эмне үчүн жасалып жатканын жана бул тапшырмалар үчүн кандай технологиялык эмес чечимдер бар болгонун аныктап алуу зарыл. Жалпысынан маалыматтарга жасалган анализге негизделген ыкманы колдонуу менен шаар мейкиндигин эффективдүү түрдө көбөйтүп, аны шаардыктар жана коноктор үчүн дагы да жагымдуу кылса болот деген түшүнүк калыптанды.

### Шаарды пландоо

Пландоого арналган секцияда Дүйнөлүк банктын шаардын өнүгүүсүн комплекстүү пландоо маселелери боюнча консультанты Алистер БЛАНТ сөз сүйлөдү. Ал мейкиндикти жана социалдык-экономикалык пландоону бириктирген шаарларды пландоого карата жаңы мамиле, ошондой эле Кыргызстанда иштелип чыгып, кабыл алынышы керек болгон пландоо жөнүндө жаңы мыйзамдын концепциясы менен тааныштырды. Алматы жана Бишкек шаарларынын экономикалык интеграциясынын долбоору тууралуу баяндама да кызыгуу жаратты. Ошондой эле бул секцияда Швейцариядан келген эксперт Регула ИЗЕЛИ да сөз сүйлөп, өз өлкөсүнүн мисалында пландоого карата заманбап архитектуралык ыкмалардагы көйгөйлөргө токтолду.

Жалпы дискуссиянын жүрүшүндө төмөнкүдөй тыянактар жасалды: бардык саясий жана социалдык чечимдер эртеби-кечпи мейкиндикте чагылдырылат. Ошону менен бирге жарандар өзүнүн мейкиндигине ээ болуп, жон териси менен сезгенде гана бул чечимдердин жыйынтыктарын баамдай башташат. Мындан улам мейкиндикти пландоо жана социалдык-экономикалык өнүгүүнү пландоо – бири-биринен ажыратылбай турган процесстер, бири болбосо, экинчиси да мааниге ээ болбойт.

Буга жараша пландардын иерархиясы административдик, башкаруучулук максаттарда гана мааниге ээ болот. Бирок пландоо процессинин өзү интеграцияланган мүнөздө болуп, билимдердин көп сандагы тармактарын бириктирет. Алар: пространстволук, архитектуралык, демографиялык, социологиялык, маданий, экологиялык, тарыхый билимдер. Шаарлардын өнүгүүсүндө шаардыктар башкы жаратман күч болгондуктан пландоодо алардын кызыкчылыктары сөзсүз түрдө мүмкүн болушунча көбүрөөк даражада эске алынышы керек. Бул үчүн шаар бийлиги тиешелүү механизмдерди түзүп берүүгө милдеттүү. Бул принциптер пландоо жөнүндө жаңы мыйзамда чагылдырылып, анда муниципалитеттерди өнүктүрүүнүн комплекстүү интеграцияланган пландоосунун бардык катышуучуларынын ыйгарым укуктары так белгилениши зарыл.

Ошентип, бүгүнкү күндө мамлекеттин алдында пландоо жөнүндө жаңы мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу милдети турат. Анда пландоонун алкактары жана катышуучулардын ролдору аныкталып, пландардын башкаруучулук иерархиясы түзүлүш керек. Мамлекеттин экинчи чоң милдети – маалыматтарды топтоо жана алмашуу системасын түзүү. Ал эми муниципалитеттер пландоо процессинде жашоочулардын кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эсепке алуу механизмдерин түзүүнү камсыздап берүүгө, салттуу статистика менен гана эмес, ошондой эле маалыматтардын ар кандай түрлөрү менен да иштегенди үйрөнүүгө тийиш.

Эксперттик жамаат тууралуу айта турган болсок, алар шаарлардын келечегин материалдык (пространстволук) жана материалдык эмес туюнтмасында моделдештирүүнүн, божомолдоонун, маалыматтарга анализ жасоонун жаңы аспаптарын түзүп бериши керек.

Эгерде жарандар өз күтүүлөрүн жана керектөөлөрүн жигердүү түрдө билдирип турса, муниципалитеттер менен көбүрөөк байланышып, пландоо процессине катышуу укугун талап кылса, анда жогоруда саналган тапшырмалардын баарын аткаруу бир кыйла жеңил болот.

Жалпысынан Кыргызстандын шаарларынын форумун катышуучулар өтө ийгиликтүү, эң негизгиси – пайдалуу тажрыйба катары кабыл алышты. Бул тажрыйба жаңы социалдык идеяларды издөөгө түрткү берип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калктын байланышын бекемдеди. Көпчүлүк катышуучулар анын жыйынтыктары боюнча мындан ары иш жүргүзүүнүн жана өз ара аракеттенүүнүн конкреттүү пландарын түзүп алышты. "Шаар демилгелери" коомдук фонду жана Өнүктүрүү саясат институту бул кыймылдын өнүгүүсүн улантып, Шаарлар форумун түрдүү форматта жана калктуу конуштарда өткөрө бермекчи.

Форум чындап эле командалык окуяга айланды. Өнүктүрүү саясат институту "Шаар демилгелери" коомдук фондунун ынтызар жана дем берген командасы менен чыныгы өнөктөштүктөн баа жеткис тажрыйба алды. Учурдан пайдаланып, ушундай сабактар, тажрыйба, энтузиазм үчүн форумдун идеялык лидери Раушан САРКЕЕВАга, административдик лидер Айканыш ДЕРБИШЕВАга, ошондой эле фонддун бардык ынтымактуу жана эффективдүү командасына – Динара КАНЫБЕК кызына, Атай САМЫЙБЕК уулуна, Зарина УРМАНБЕТОВА жана Салтанат АНАРБАЕВАга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Аудиторияны өзүнө тартып алуу тажрыйбасын гана эмес, ошону менен бирге теманы мыкты билген жогорку кесипкөйлүгүн да көрсөтө алган мыкты модераторлордун – Татьяна ТРЕТЬЯКОВА, Азиза СОЛТОБАЕВА, Канат ТЕМИРБОЛОТ уулу, Сайкал ЖУНУШОВА, Мария КОЛЕСНИКОВА, Асель БЕКТЕНОВА, Асылбек ЧЕКИРОВ, Светлана БАШТОВЕНКОнун салымы менен форум да ийгиликтүү өттү. Форум күндөрү команданын чыныгы таянычына айланган Сергей ДОЛЖЕНКОВ түрдүү аудиторияларды иш билгилик менен бириктирип, татаал тыянактарды жана сунуштарды жалпылаштырып, форумдун түрдүү секциялары менен аянтчаларын бир бүтүнгө "ширетип" берди. М



**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору тарабынан даярдалды[1]**

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИН БААЛОО АСПАБЫ

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алысты көрө билген жетекчилери жергиликтүү жамааттагы социалдык туруктуулукка кызыкдар болушат. Алар калк айыл өкмөтүнүн дарегине наарazылыгын билдирбей, алардын ишин жана демилгелерин колдоп, муниципалитеттин өнүгүүсүнө жигердүү катышып, ЖӨБнүн ишине карата өз пикирин ачык жана конструктивдүү билдирип туруусуна умтулушат. Анткени менен калктын маанайын байкап туруу дайыма эле жеңил боло бербейт. Айыл өкмөтү колунан келишинче аракет жасаганы менен, жарандар баары бир нааразы бойдон кала берген учурлар да аз эмес. Калк ЖӨБнүн ишинен кабарсыз калып жатканы буга себеп. Бирок тескерисинче да болот – жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз ишин талаптагыдай аткарбаса да, адамдар муну байкабай калышат жана болуп жаткан көйгөйлөр үчүн тышкы факторлорду айыпташат. Эки учурда тең түзүлгөн кырдаалды бир себеп менен түшүндүрсө болот: ЖӨБ органдарынын жетекчилеринде жана кызматкерлеринде өз ишинин сапатын жана анын жыйынтыктарына карата жергиликтүү жамааттын мамилесин өлчөөнүн аспаптары жана механизмдери жок. Эффективдүү ЖӨБ органы үчүн өз ишинин сапатынын деңгээлин гана эмес, ошону менен бирге бул иштин жыйынтыктарына жарандар канчалык деңгээлде канааттанганын так билүү да өтө маанилүү.**

**Жамааттагы кырдаалды “өлчөө”, жумшалган аракеттер менен калктын аларды кабылдоосу канчалык шайкеш келгенин билүү маселелеринде ЖӨБ органдарына жардам берүү үчүн USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору инновациялык аспапты иштеп чыгып, Кыргызстанда жайылта баштады. ЖӨБ органдарынын ишин баалоо аспабы (LSGPAT же ЖӨБОИБА) – бул өзүнө өзү мониторинг жана баалоо жүргүзүү механизми. Бул механизм ЖӨБ органдарына кызмат көрсөтүүдөгү көйгөйлөрдү өз убагында жана так аныктап, алардын сапатын жакшыртууга жардам берет.**

## Аспап эмне үчүн инновациялык болуп эсептелет?

Баалоонун салттуу болуп калган аспаптары жергиликтүү башкаруу органдарынын ишинин сапатын же анын ишинин эффективдүүлүгү тууралуу калктын пикирин өлчөйт же аралаш индикаторлорду колдонот. Бул методологиянын баалоонун салттуу аспаптарынан айырмасы – бул жерде ЖӨБ органынын иш сапатын жана бул ишке карата калктын пикирин бир жолку баалоодон кийинки салым – ЖӨБ органынын иши (effectiveness) жана таасир – калктын бул иш тууралуу пикири (legitimacy) салыштырылат.





**1-сүрөт. Графикалык сүрөт ЖӨБ органдарынын ишин баалоо аспабы (ЖӨБОИБА) (балл)**




Баалоонун бул эки объектиси 1-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, бири-бирине умтулган эки векторго окшош болот.

Бир жагынан ЖӨБ органы калктын үмүтүн актап, керектөөлөрүн канаатандыра тургандай иштегенге умтулат (1-сүрөттө муниципалитеттин ишинин эффективдүүлүгү мүмкүн болгон 5 баллдан 3 баллга бааланган). Экинчи жагынан ЖӨБ органынын ишинин жыйынтыктарына аздыр-көптүр канааттануусун билдирет (1-сүрөттө калктын ЖӨБнүн ишине болгон канааттануусу болгону 2 баллды түзгөн). Ушуну менен бирге иштин сапаты менен бул ишке кардар – калк тарабынан берилген баа ортосундагы ажырым өлчөөнүн негизги объектиси болуп эсептелет (1-сүрөттө ажырым бир топ эле: ЖӨБ органы көп жасайт, бирок жарандар баары бир нааразы).

Ошентип аспап муниципалитеттердин ишин салттуу баалоонун алкагынан чыгып, ЖӨБ органынын ишинин эффективдүүлүгүн гана эмес, ошону менен бирге кызмат көрсөтүүлөр жарандардын күтүүлөрүнө канчалык шайкеш келгенин (канааттануу) да өлчөйт. Ушул эки маанилүү элементтер ортосундагы өз ара байланышты көрсөтүү менен, ЖӨБОИБА муниципалитеттерге өз ишиндеги, аны менен катар кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жаатындагы кемчиликтерин көрүүгө шарт түзөт. Өз ишинин эффективдүүлүгү менен жарандардын канааттануусу ортосундагы ажырымды өлчөп, аспап ЖӨБ органдарынын ишин жакшыртуу үчүн артыкчылыктуу маселелердин контролдук тизмесин даярдоого жардам берет.

ЖӨБОИБА – бул пландоонун, ишке ашыруунун, мониторинг жана баалоонун эффективдүү жана так аспабы. Ушул тапта USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоору бул аспапты ЖӨБ органдарынын ишинин беш багытына карата колдонууну сунуштайт. Алар: кызмат көрсөтүү; жергиликтүү экономикалык өнүгүү; финансылык менеджмент; муниципалдык башкаруу; ЖӨБ органдарынын жарандар менен өз ара аракети.

Башка баалоо аспаптарындай эле ЖӨБОИБА көрсөткүчтөрдүн (индикаторлордун) топтомунан турат. Алар эффективдүүлүктүн да, канааттануунун да деңгээлдерин аныкташат. Ошону менен бирге акыр соңунда аспаптын өзүн колдонуунун эффективдүүлүгү индикаторлордун сапатына көз каранды болот. Ошондуктан Долбоор ЖӨБ органдарынын ишин баалоонун аспабынын индикаторлорун иштеп чыгууга өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасады. 2017-жылдын январь жана февраль айларында Долбоор ЖӨБОИБА индикаторлорун деталдуу талкуулоо үчүн семинарларды уюштурду. Семинарларга Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 23 муниципалитеттин, жарандык коомдун өкүлдөрү, ЖӨБЭММА кызматкерлери, ЖӨБ Союзунун жана жергиликтүү кеңештердин өкүлдөрү катышты. Семинарлардын катышуучулары индикаторлорду жигердүү түрдө талкуулап, кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда ийгиликтүү тажрыйбалар менен бөлүштү. Долбоор 19 индикатордун жана 95 контролдук көрсөткүчтүн соңку тизмесин түзүп жатканда семинарда айтылган бардык пикирлерди эсепке алды (1-таблица). Контролдук

**1-таблица. ЖӨБ органдарынын ишин баалоо аспабынын индикаторлору**

| | |
|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтык |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук |

көрсөткүчтөр баалоонун беш деңгээлине ээ – 1ден 5 баллга чейин. Эффективдүүлүктүн жоктугу 1 балл катары бааланса, мүмкүн болгон жогорку балл – 5.



**Роберт БОДО, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жетекчиси:**

"Биздин аспап бир эле маалда кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгүн жана жарандардын аларга болгон канааттануусун карап, алардын ортосундагы "ажырымды" аныктоого жол берет. Долбоор пилоттук ЖӨБ органдарында эки көрсөткүч ортосундагы ушул ажырымды кыскартып, жергиликтүү уюмдарды тартуу менен башка муниципалитеттерде мыкты практиканы андан ары жайылтуу максатын көздөйт. Долбоор ишинин башынан аягына чейин бул процесске жергиликтүү уюмду жана анын эксперттерин тартып турат. Ал эми долбоордун ишинин соңунда бул уникалдуу тажрыйбанын туруктуулугун камсыздоо үчүн бардык тийиштүү документтерди, аспаптарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана алдыңкы тажрыйбаны өткөрүп берет".



**Азамат ОРОЗОБЕКОВ, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жетекчисинин орун басары:**

"Менин практикамда буга чейин уюмдар көңүлүн муниципалитеттердин ишин баалоого буруп келген. Мында калктын ошол кызмат көрсөтүүлөргө канааттануусун эсепке алчу эмес. ЖӨБ органдарынын иши боюнча калктын канааттануусуна баа берилген учурлар да болгон. Бирок андан ары чечимдерди кабыл алууда бул баалоо эсепке алынган учурлар өтө сейрек болчу. Ошондуктан биздин долбоор уникалдуу десек болот – биз ЖӨБ органдарынын ишин жана алардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына карата жарандардын канааттануусун долбоордун соңуна чейин биргеликте карайбыз".



**Дамира СУЛЬПИЕВА, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун эффективдүүлүктү жогорулатуу боюнча компонентинин улук адиси:**

"Бул аспап эффективдүүлүктү жана жарандардын канааттануусун бирдей жогорку деңгээлде баалаганы анын уникалдуулугу болуп эсептелет. Долбоор ЖӨБ органдарынын эффективдүүлүгүн аныктоо боюнча алдын ала олуттуу иштерди жасады. Долбоордун кызматкерлери 19 индикатор боюнча эффективдүүлүктү баалоо максатында 16 пилоттук айылдык аймактын ар бирин кыдырып чыгышты. Ар бир ЖӨБ органынын иши бул индикаторлор менен салыштырылып, ага шайкештиги конкреттүү жетишкендиктердин же өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча документтердин болгону менен тастыкталып турду. Индикаторлорго шайкештигин карап жатканда ЖӨБ органдары тийиштүү тастыктоочу документтерди бериши керек болгон убакыт алкактары да эсепке алынды. Акыйкат баа берүү үчүн изилдөөлөр ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн, айылдык кеңештердин депутаттарынын жана коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүлдү".

## Эмне үчүн бул аспапты иштеп чыгууда жарандардын канааттануусун өлчөөгө көп көңүл бурулду?



**Джамиля АРБАНАЛИЕВА, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жамааттарды уюштуруу боюнча компонентинин улук адиси:**

"Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу процессинде жарандык катышуу чечүүчү ролду ойнойт. Айылдык аймактардагы калктын күтүүлөрүн жана канааттануусун баалоо бир нече себептерден улам өтө маанилүү. Биринчиден, бул калкка өз айылдык аймагынын өнүгүүсүнө аралашып, жашоо шарттарын биргелешип жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Экинчиден, ЖӨБ органдары өз ишинин багыттарын, тапшырмаларын кезектүүлүгүн, артыкчылыктарын жарандардын муктаждыктарын жана өзүнүн финансылык, кадрдык жана башка мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу менен жакшыраак аныктай алышат. Үчүнчүдөн, бул баалоо ЖӨБ органдарына калк алдында ачык жана отчеттуу болуу менен, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга жол берет. Ошентип, бул аспап жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен калк ортосундагы байланыштын механизми катары кызмат кылат. Калктын канааттануусун өлчөөнүн жардамы менен ЖӨБ органдарында өз ишине сырттан баа берип, өнүгүү үчүн мындан ары иш жүргүзүш керек болгон багыттарды, анын ичинде жарандарды өз убагында маалымдоо боюнча иштерди аныктап алуу мүмкүнчүлүгү болот.

Жарандардын мамилесин объективдүү баалоо үчүн көз карандысыз компанияны тартуу өтө маанилүү. 2017-жылдын март-апрель айларында биздин долбоор Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын калкы арасында сурамжылоо жүргүзүү үчүн көз карандысыз жергиликтүү изилдөөчү компанияны жарандардын ишенимин өлчөө боюнча ишке тартты".

**Азамат ОРОЗОБЕКОВ, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жетекчисинин орун басары:**

"ЖӨБ органдары, алардын миссиясы – бул биринчи кезекте жарандардын кызыкчылыктарын тейлөө болгонун түшүнүү керек. Жарандарга жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүү мына ушул миссияга шайкеш келет. Таштанды жыйноону, ичүүчү сууну жеткирип берүүнү, көчөлөрдү жарыктандырууну уюштуруу – булар ЖӨБ органдары эффективдүү жана сапаттуу ишке ашырган жана ишке ашырышы керек болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн мисалдары.

Жарандардын канааттануусун баалоо менен ЖӨБ органдары өз ишиндеги кемчиликтерди аныктап, жарандардын муктаждыктарын түшүнүп, уга алса, ал эми жарандар өз айылынын көйгөйлөрүн чечүүгө мурдагыдан да көбүрөөк тартыла алышат".

**Роберт БОДО, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жетекчиси:**

"Эффективдүүлүккө жана жарандардын канааттануусуна баалоо жүргүзгөндөн кийин USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" Долбоору алынган маалыматтарга талдоо жасап, пилоттук 16 ЖӨБ органдарынын ар бири үчүн "эффективдүүлүк" менен "жарандардын канааттануусу" ортосундагы "ажырымды" аныктап чыкты. 2017-жылдын июнь айында долбоор "Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө кластердик ЖӨБ органдарынын эффективдүүлүгүн жакшыртуу" аттуу аймактык форум өткөрдү. Форумдун жүрүшүндө пилоттук ЖӨБ органдарына аларды баалоонун жыйынтыктарын берди. Бул жыйынтыктар менен таанышып чыгып, аларды талдагандан кийин ЖӨБ органдары өз ишин жакшыртуу боюнча кийинки кадамдарды ойлонуштура баштайт деп ишенебиз".

## ЖӨБОИБА ЖӨБ органдарына канчалык зарыл? Башкаруу практикасында аларды кантип колдонсо болот?




**Максат ДОРБАЕВ[1], Ак-Чий айылдык аймагынын башчысы:**

"Биз изилдөөнүн жыйынтыктарын 2017-жылдын июнь айында алдык. Жалпысынан жыйынтыктар айыл өкмөтүнүн жергиликтүү калк менен өз ара аракетинин чыныгы жагдайын чагылдырат. Анткен менен айрым баалар (айрым индикаторлордун маанилери) күтүүсүз болду. Мисалы, биз айыл өкмөтүбүздө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу калк жакшы кабардар деген ишенимде болчубуз. Анткени жылына бир нече жолу бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүп турабыз, айылдык чогулуштар болсо үзгүлтүксүз өтүп турат. Буга карабастан №11 «Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону» индикатору боюнча ажырым 4 балл болду (2-сүрөттү жана 2-таблицаны караңыз). Баалоонун жыйынтыктары боюнча биз дагы тыянак чыгардык: жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө канааттануусу жана аларды муниципалитеттин ишине жигердүү тартуу багытында дагы көп иштерди жасашыбыз керек экен.

2017-жылдын күз мезгилинде биз айылдык чогулушту өткөрүп, кийинки беш жылга айылдын Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын өзөгүн түзө турган маалыматтарды чогултууну пландаштырып жатабыз. Августта биз бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүп, айыл тургундарынын ичинен мониторинг тобун түзүүнү болжолдоп жатабыз. Биз тандалып алынган артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүнүн алкагында муниципалитеттер аралык кызматташтык боюнча ишибизди – таштанды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнү уюштуруу ишин жолго салууга аракет жасайбыз".

[1] Баалоонун жыйынтыктары пилоттук муниципалитеттердин башчыларынын жазуу жүзүндөгү макулдугу менен жарыяланды.

**2-сүрөт. Ак-Чий ААнын ишин баалоо**



**2-таблица. Ак-Чий ААнын ишин баалоо, баллдар менен**

| № | ЖӨБОИБА индикаторлору | Эффективдүүлүк | Жарандардын канааттануусу | Ажырым |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо | 5 | 2 | 3 |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө | 4 | 3 | 3 |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) | 4 | 2 | 4 |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону | 5 | 3 | 2 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу | 4 | 2 | 4 |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтык | 2 | 1 | 7 |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу | 5 | 3 | 2 |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу | 5 | 3 | 2 |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу | 5 | 2 | 3 |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу | 5 | 3 | 2 |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону | 4 | 2 | 4 |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык | 5 | 4 | 1 |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл | 5 | 2 | 3 |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу | 5 | 2 | 3 |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону | 5 | 2 | 3 |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү | 5 | 1 | 4 |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу | 5 | 1 | 4 |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу | 5 | 2 | 3 |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук | 5 | 2 | 3 |
| | Баары: | 88 | 41 | 61 |

**Кыдыр ТЫНАЛИЕВ, Боз-Учук айыл өкмөтүнүн башчысы:**

"Биз аймактык форум маалында ЖӨБ органыбыздын ишин баалоонун жыйынтыктарын алдык. Тилекке каршы, дээрлик бардык индикаторлор боюнча көрсөткүчтөр бир кыйла төмөн чыкты. Бардык 19 индикатор боюнча суммалык ажырым 122 баллды түздү (3-сүрөттү жана 3-таблицаны караңыз). Кызмат көрсөтүүлөргө карата жарандардын канааттануусун жакшыртуу жана биздин айыл өкмөттүн ишинин эффективдүүлүгүн жакшыртуу боюнча өтө көп иштерди жасашыбыз керек экен. Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу жана бюджеттин ачык-айкындуулугу өңдүү индикаторлор боюнча төмөн баа бизди өзгөчө капа кылды. Бирок бул баа чындыкка шайкеш келгенин мойнубузга алышыбыз керек. Биз бул кемчиликти жоюуга аракет жасайбыз жана бул иште долбоордун колдоосуна үмүт артып турабыз.



Биринчи кезекте бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүүнү пландап жатабыз. Анын жүрүшүндө кызмат көрсөтүүнү уюштуруу боюнча өз стратегиябызды сунуштайбыз. Долбоордун семинарларына катышып, жергиликтүү калк менен жигердүү иш алып барыш керектигине ынандык. Стратегияны ишке ашыруу боюнча пландалып жаткан иш жарандарыбыздын бизге болгон ишенимин арттырууга жардам берет деп ишенебиз. Ушул тапта Ново-Вознесеновка айылындагы маданият үйүнүн ремонтуна долбоордук-сметалык документтерди даярдап койдук. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсебинен айыл өкмөттөгү бардык айылдарда көпүрөлөр оңдолду. Ремонт иштерине жергиликтүү калкты жигердүү тарттык".




**3-сүрөт. Боз-Учук ААнын ишин баалоо**





**3-таблица. Боз-Учук ААнын ишин баалоо, баллдар менен**

| № | ЖӨБОИБА индикаторлору | Эффективдүүлүк | Жарандардын канааттануусу | Ажырым |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо | 2 | 2 | 6 |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө | 1 | 2 | 7 |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) | 2 | 1 | 7 |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону | 3 | 1 | 6 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу | 2 | 1 | 7 |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтык | 2 | 1 | 7 |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу | 3 | 1 | 6 |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу | 3 | 2 | 5 |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу | 3 | 1 | 6 |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу | 4 | 1 | 5 |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону | 2 | 2 | 6 |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык | 3 | 2 | 5 |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл | 2 | 2 | 6 |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу | 3 | 1 | 6 |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону | 3 | 1 | 6 |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү | 1 | 1 | 8 |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу | 1 | 1 | 8 |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу | 1 | 1 | 8 |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук | 1 | 1 | 8 |
| | Баары: | 42 | 26 | 122 |

**Мирлан БЕЙШЕНОВ, Дархан айыл өкмөтүнүн башчысы:**



"Биз бардык 19 индикатор боюнча баалоонун жыйынтыктарына, ошондой эле эффективдүүлүк менен канааттануу көрсөткүчтөрү ортосундагы ажырым чоң болуп, 96 баллды түзгөнүнө кошулабыз (4-сүрөттү жана 4-таблицаны караңыз). Калкка, аны менен катар балдарга, аялдарга жана жаштарга мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу пландарын даярдап, ишке ашыруу процессине тартылган коомдук уюмдар, жарандык активисттер менен өз ара аракетибиз чындап эле чабал болгон.

Ушул маалга чейин айыл өкмөтүнүн аппараты эффективдүүлүктү жана жарандардын канааттануусун баалоонун жыйынтыктары тууралуу жамаатты жана айыл тургундарын кабардар кылды. Учурда кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу жана аларды андан ары оптималдаштыруу боюнча пландарды кайра карап жатабыз. Ошондой эле биз айыл жашоочулары менен мурдагыдан тыгыз өз ара байланышты түзүү практикасын баскыч-баскычы менен киргизип жатабыз: ачык сессияларды өткөрүп, алдыда болчу иш-чараларды талкуулоо жана таанышуу үчүн кварталчылар менен көбүрөөк жолугушуп, артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмелерин түзүүдө оозеки сурамжылоолорду жүргүзүп жатабыз. USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун сунуштамаларын колдонмого алуу менен, биз Жумуш-




**4-сүрөт. Дархан ААнын ишин баалоо**

**4-таблица. Дархан ААнын ишин баалоо, баллдар менен**

| № | ЖӨБОИБА индикаторлору | Эффек-тивдүү-лүк | Жаран-дардын канаат-тануусу | Ажырым |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо | 2 | 3 | 5 |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө | 1 | 3 | 6 |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) | 3 | 2 | 5 |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону | 2 | 2 | 6 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу | 2 | 2 | 6 |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтык | 2 | 2 | 6 |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу | 3 | 2 | 5 |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу | 3 | 3 | 4 |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу | 3 | 2 | 5 |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу | 5 | 2 | 3 |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону | 2 | 2 | 6 |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык | 4 | 2 | 4 |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл | 4 | 3 | 3 |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу | 4 | 2 | 4 |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону | 4 | 2 | 4 |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү | 1 | 2 | 7 |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу | 5 | 2 | 3 |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу | 2 | 1 | 7 |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук | 2 | 2 | 6 |
| **Баары:** | | **54** | **40** | **96** |

чу комиссиянын мүчөлөрүн тандоону жергиликтүү калкка тапшырдык. Мындан ары Жумушчу комиссия кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча стратегияны ишке ашыруу үчүн жоопту болуп, калкка отчет тапшырып турат".

**Алтынбек АДИШОВ,**
**Бешик-Жон айыл өкмөтүнүн башчысы:**

"Баалоонун жыйынтыктары жалпысынан биздин ишибизди, өзгөчө айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан кызмат көрсөтүүнүн деңгээлин чагылдырып турат (5-сүрөттү жана 5-таблицаны караңыз). Мисалы, муниципалитеттер аралык кызматташтыктын кызмат көрсөтүүлөрүн баалоо индикаторлорундагы ажырым олуттуу экен. Муну ушул тапта бизде калктын пикирине мониторинг жүргүзүү боюнча жөнгө салынган системанын болбогону менен түшүндүрсөк болот. Мониторинг системасынын туруктуулугун камсыздоо үчүн биз айылдык аймакта



жашаган калктын бардык топторунун өкүлдөрүнөн турган мониторинг тобун түзүү вариантын карап жатабыз. Бул топ айыл өкмөтүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнө карата калктын пикирине туруктуу көз салып, өз ишибизди мурдагыдан да эффективдүү жана жемиштүү аткарууга жардам берет.

Ошондой эле биз калктын суроо-талаптарын жана муктаждыктарын өз убагында билип туруу үчүн сурамжылоо жүргүзүп жатабыз. USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун алкагында биз аймактагы калк менен бир нече жолугушууларды өткөрдүк. Ал жолугушууларда добуш берүү жолу менен артыкчылык-

**5-сүрөт. Бешик-Жон ААнын ишин баалоо**








**5-таблица. Бешик-Жон ААнын ишин баалоо, баллдар менен**

| № | ЖӨБОИБА индикаторлору | Эффек-тивдүүлүк | Жаран-дардын канаат-тануусу | Ажырым |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо | 5 | 2 | 3 |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө | 4 | 2 | 4 |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) | 3 | 2 | 5 |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону | 4 | 2 | 4 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу | 4 | 2 | 4 |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнча муниципалитеттер аралык кызматташтык | 1 | 2 | 7 |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу | 3 | 3 | 4 |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу | 5 | 2 | 3 |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу | 1 | 2 | 7 |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу | 5 | 2 | 3 |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону | 4 | 2 | 4 |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык | 5 | 2 | 3 |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл | 2 | 2 | 6 |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу | 5 | 2 | 3 |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону | 4 | 2 | 4 |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү | 1 | 2 | 7 |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу | 1 | 2 | 7 |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу | 4 | 2 | 4 |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук | 4 | 2 | 4 |
| **Баары:** | | **65** | **40** | **85** |

туу маселе катары ички жолдордун ремонтун тандап алдык. Бул маанилүү тапшырманы аткаруу үчүн биз жумушчу комиссияны түздүк. Анын курамына ар кайсы жаш курактагы, түрдүү кесиптердин, улуттардын өкүлдөрү, ошондой эле ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар кирди. Ушул тапта Жумушчу комиссия кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу чөйрөсүндө калк менен жигердүү иш жүргүзүп жатат".

**Абсатар СЫРГАБАЕВ,**
**Барпы айыл өкмөтүнүн башчысы:**

"Бизге USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун аймактык форумунда ЖӨБ органыбыздын ишин баалоонун жыйынтыктарын тапшырышты. Бул аспап кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруунун жана уюштуруунун көптөгөн маанилүү өңүттөрү тууралуу толук маалымат бергени менен жакты. Форумдан кайтып келгенден кийин мен айыл өкмөтүнүн бардык кызматкерлерине баалоонун жыйынтыктарын



көрсөттүм. Жалпысынан биз баалоонун жыйынтыктары менен макулбуз. Бул изилдөөнүн жыйынтыгында ЖӨБ органынын ишинин эффективдүүлүгү менен калктын канааттануу деңгээлинин ортосундагы чоң ажырым мени абдан таң калтырды. Өзгөчө №14 (Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу", №17 (Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө катышуусу) жана №18 (Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу) индикаторлору боюнча көрсөткүчтөрдө ажырым 7-8 балл болгону таң калтырды. Баалоонун жыйынтыктары бизди бул көрсөткүчтөр боюнча ажырымды кыскартуу багытында чукул чараларды көрүүгө түрттү. Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын гана жакшыртпастан,

**6-сүрөт. Барпы ААнын ишин баалоо**



**6-таблица. Барпы ААнын ишин баалоо, баллдар менен**

| № | ЖӨБОИБА индикаторлору | Эффек-тивдүү-лүк | Жаран-дардын канаат-тануусу | Ажырым |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү пландап жатканда жарандардын керектөөлөрүн жана артыкчылыктарын аныктоо | 2 | 2 | 6 |
| 2 | Кызмат көрсөтүүнүн сапатынын жакшыртуусун өлчөө | 1 | 2 | 7 |
| 3 | Кызмат көрсөтүүгө кеткен чыгымдардын ордун толуктоо (төлөмдөрдүн чогултулушу) | 1 | 2 | 7 |
| 4 | Кызмат көрсөтүүнүн сапаты тууралуу кайтарым байланыштын механизмдеринин болгону | 2 | 2 | 6 |
| 5 | Кызмат көрсөтүүнү жеткирип берүүчүнүн ишинин сапаты жана ачык-айкындуулугу | 1 | 2 | 7 |
| 6 | Кызмат көрсөтүү боюнчамуниципалитеттер аралык кызматташтык | 1 | 2 | 7 |
| 7 | Активдерди (муниципалдык менчикти) башкаруу системасынын болушу | 2 | 2 | 6 |
| 8 | Кирешелерди жогорулатуу | 2 | 2 | 6 |
| 9 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн жеке инвестицияларды тартуу | 1 | 2 | 7 |
| 10 | Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн гранттык каражаттарды тартуу | 5 | 2 | 3 |
| 11 | Жарандар үчүн маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн болгону | 2 | 2 | 6 |
| 12 | Кардарларды тейлөөгө багытталгандык | 1 | 2 | 7 |
| 13 | Жергиликтүү кеңеш тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө көзөмөл | 1 | 2 | 7 |
| 14 | Мамлекеттик сатып алууларды жакшыртуу | 1 | 1 | 8 |
| 15 | Тийиштүү Социалдык-экономикалык өнүгүү планынын (СЭӨП) болгону | 4 | 2 | 4 |
| 16 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жүргүзүүсү | 1 | 2 | 7 |
| 17 | Жарандардын кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана уюштуруу тууралуу чечим кабыл алууга катышуусу | 1 | 2 | 7 |
| 18 | Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу | 1 | 2 | 7 |
| 19 | Бюджеттин ачык-айкындуулугу жана финансылык отчеттуулук | 1 | 2 | 7 |
| **Баары:** | | **31** | **32** | **127** |

ошону менен бирге өз ишибиз тууралуу калкты өз убагында жана туруктуу негизде маалымдап турушубуз керектигин түшүнүп жатабыз. Ишибиздин эффективдүүлүгү жана калктын канааттануусунун деңгээли боюнча көрсөткүчтөрдөгү ажырымды кыскартуунун үстүнөн ишибизди мындан ары да улантабыз.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу үчүн биздин айыл өкмөтү бир нече усулдарды колдонууда. Биз калк менен жолугушууларды уюштуруп, ал жерде айылдагы маанилүү окуяларды талкуулайбыз. Биз коомдук угууларда аймактагы бардык 11 айылдын калкы менен жолугушууларды пландап жатабыз. Анда көзгө көрүнгөн оңолууларды стратегиясын талкуулай алмакпыз. Август айында бюджеттик угууларды өткөрүүгө жигердүү даярданып жатабыз. Бул угууларда 2017-жылдын биринчи жарым жылы үчүн ишибиздин жыйынтыктары менен, ошондой эле 2018-жылы өтчү иш-чаралардын бюджетинин долбоорун сунуштайбыз. Буга чейинки угууларга салыштырмалуу алдыдагы иш-чарада айыл өкмөтүнүн кызматкерлери аймактын бюджетинин презентациясын даярдашат. Аны болсо USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун тренингдеринде алган билимдин негизинде иштеп чыгышты. Калк жаңы маалыматты жеңил кабыл алуусу үчүн коомдук угууларда презентациянын кызыктуу усулдарын колдонмокчубуз".

## Корутунду

### Роберт БОДО, USAIDдин "Ийгиликтүү аймак" долбоорунун жетекчиси:

*"Биз пилоттук ЖӨБ органдарынын долбоор менен кызматташууга даярдыгын, бул аспапка болгон кызыгуусун өтө жогору баалайбыз. Муниципалитеттер өзүнүн күнүмдүк ишинде ЖӨБ органдарынын ишин баалоо аспабын колдонууга ынтызар болуп, жигердүүлүгүн көрсөтүп жаткапы өтө маанилүү. Биз алынган жыйынтыктардын анализи муниципалитеттерге өз ишине сырттан баа берип, кемчиликтерин көрүп, жарандар менен тыгыз байланышта болуу зарылчылыгына ынанууга жардам бергенин көрдүк. Атүгүл муниципалитеттер биздин сунуштамаларды колдонмого алып, баалоонун анализине таянуу менен өз ишин пландай баштаышты. Өз кезегинде долбоор жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу ишин жакшыртуу үчүн муниципалитеттерге техникалык колдоо көрсөтөт. Долбоор менен муниципалитеттер ортосундагы жигердүү кызматташтыктын натыйжасында кызмат көрсөтүүлөрдүн эффективдүүлүгү жана жарандардын канааттануусу боюнча көрсөткүчтөрдү жакшырта алабыз деп ишенебиз".*





Бул түрмөк Өнүктүрүү саясат институтунун дарегине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан түшкөн суроолордун негизинде даярдалды.

Муниципалитеттердин суроолоруна жоопторду ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун юристтери **Бектурган ОРОЗБАЕВ** жана **Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдашты

# Жергиликтүү кеңештердин иши

## Кеңештин айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы менен өз ара аракети

**Жооптуу катчы сессиянын жүрүшү тууралуу маалыматты толук чагылдырбаганы үчүн айылдык кеңештин төрагасы кеңештин сессиясынын протоколун жүргүзүү милдетин депутаттардын бирине жүктөй алабы? Айылдык кеңештин ишинде жооптуу катчынын иш-аракеттерине кантип таасир этүүгө болот?**

Айылдык кеңештин сессиясынын протоколдорун жүргүзүү милдетин депутаттардын бирине жүктөгөнгө уруксат берилбейт. Анткени депутат сессияга коюлган маселелерди талкуулоого жана добуш берүү жолу менен чечим кабыл алууга катышууга тийиш. КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-февралындагы №91 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселкаларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык нускамасына ылайык, жооптуу катчы айылдык кеңештин ишин камсыздоо бөлүгүндө төмөнкүлөрдү жасоого милдеттүү:

- айылдык кеңештин сессияларына жана анын туруктуу комиссияларына материалдарды, анын ичинде кеңештин жана туруктуу комиссиялардын чечимдеринин долбоорлорун даярдоо боюнча иштерди уюштурууга;
- айылдык кеңештин жана туруктуу депутаттык комиссиялардын иш пландарынын долбоорлорун иштеп чыгууга, анын бекиткенден кийинки аткарылышын контролдоого;
- айылдык кеңештердин депутаттарына сессияларды, туруктуу комиссиялардын жыйындарын чакыруу жөнүндө кабарлоого;
- айылдык кеңештердин сессияларынын, ал эми зарыл болгон учурда - туруктуу депутаттык комиссиялардын протоколун жүргүзүүгө, кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу боюнча иштерди камсыз кылууга;
- туруктуу жана башка депутаттык комиссиялардын документацияларын камтуу менен жергиликтүү кеңештин документацияларын сактоону, системалаштырууну жана тиешелүү абалын камсыз кылууга;
- убактылуу депутаттык комиссияларга уюштуруучулук жардам көрсөтүүгө;
- жергиликтүү кеңештердин иш кагаздарын, анын ичинде айылдык кеңештерге жарандардын даттануулары жана кайрылуулары менен иштөөнү жүргүзүүгө;
- жергиликтүү жамааттардын уставына, жергиликтүү кеңештин иш регламентине ылайык жана жергиликтүү кеңештин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын тапшырмасы боюнча башка иш-милдеттерди ишке ашырууга.

Жооптуу катчы жогоруда айтылган милдеттенмелерди аткарбаганы же талаптагыдай аткарбаганы үчүн "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" КР Мыйзамынын 33-34-беренелерине ылайык тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

Тартиптик жоопкерчиликтин дегенде күнөөлүү, укукка каршы жүрүм-туруму, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы (тартипсиз жосундарды жасаганы) үчүн кызматчыга тартиптик таасир этүүнүн чараларын (жаза) колдонуу түшүнүлөт.

Жооптуу катчыга тартиптик жаза айыл өкмөт башчы тарабынан тартиптик жосунду жасоо фактысы белгиленген же ырасталган учурларда гана берилиши мүмкүн. Тартипсиз жосунду жасоо фактысын белгилөө же ырастоо үчүн айыл өкмөт бшчысы тарабынан өздүк демилге боюнча, этика боюнча комиссиянын сунуштамасы боюнча же кызматчынын өзүнүн демилгеси боюнча дайындалуучу кызматтык териштирүү жүргүзүлүшү мүмкүн.

Кызматтык териштирүү жеке жана юридикалык жактардын кайрылууларынын негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Биз карап жаткан кырдаалда жооптуу катчы өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарбай жаткандыгы тууралуу юридикалык жак катары айылдык

кеңештин расмий кайрылуусу кызматтык териштирүүнү демилгелөө үчүн негиз болуп эсептелет.

Кызматтык териштирүүнү жүргүзүү тартиби Өкмөт тарабынан аныкталат.

Жоопту кызматкер жүктөлгөн милдеттерди аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн ага тартиптик жазалардын төмөнкү түрлөрү колдонулушу мүмкүн: 1) эскертүү; 2) сөгүш; 3) катуу сөгүш; 4) кызматка толук эмес ылайыксыздыгы жөнүндө эскертүү; 5) класстык ченин төмөндөтүү; 6) кызмат ордунан төмөндөтүү; 7) ээлеген кызматынан бошотуу.

Тартиптик жазалар жосун түздөн-түз аныкталгандан кийин, бирок ал жасалган күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен колдонулат. Кызматчы ага жүктөлгөн милдеттерди ар бир аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн бир гана тартиптик жаза салынышы мүмкүн.

## Депутаттык мандатты мамлекеттик кызмат менен айкалыштыруу жөнүндө

**Бир айылдык кеңештин депутаты болуп шайланып, ошол эле маалда башка айылдык аймакта же шаарда мамлекеттик мекемеде жетектөөчү кызматты ээлөөгө мыйзамдар кандай учурларда жол берет?**

Мыйзамдар менен айылдык (шаардык) кеңештин депутаты болуп, ошол эле маалда башка айылдык аймакта/шаара мамлекеттик же муниципалдык кызматчы болууга мүмкүнчүлүк берилет.

Бул жобо "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 22-беренесинде толук берилген. Бул беренеде жергиликтүү кеңештин депутаты статусун айрым кызматтар жана иштин түрлөрү менен айкалыштырбоо каралган. Б.а., жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурларда мамлекеттик кызматта же муниципалдык кызматта боло албайт:

1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү кеңеш ошол эле айылдык аймактын же шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;

2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган жергиликтүү кеңешке отчеттуу болсо;

3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган ошол жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.

Мындан тышкары Мыйзам депутаттар үчүн башка дагы чектөөлөрдү белгилейт: депутаттык ыйгарым укуктарды ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга болбойт.

## Жергиликтүү кеңештин мамлекеттик маанидеги маселелерди чечүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө

**Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү маанидеги маселелерге кирбеген маселелерди кантип чече алат? Мисалы, жарандар ФАП үчүн жабдуу сатып алууга байланыштуу маселе менен кайрылганда эмне кылыш керек?**

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 18-бернесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Мыйзамда саналып өткөн ыйгарым укуктар ушуну менен бүттү деп эсептелбейт жана жергиликтүү жамааттар менен алардын органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууну чектебейт.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карап чыгат, аларды туура жана өз убагында чечүүгө карата чара көрөт, жарандарды кабыл алат.

Эгерде кайрылуудагы маселелер жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарына кирбесе, анда депутат өзүнө түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды тийиштүү органдарга, бул маселени чечүүгө компетенттүү болгон ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтө алат. Тийиштүү органдар, ишканалар, мекемелер жана уюмдар бул сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды колдонуудагы мыйзамга ылайык карап чыгууга жана натыйжалары жөнүндө арыз ээсине, ошондой эле депутатка маалымдайт.





Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттен каражаттарды фельдшердик-акушердик пункт (мындан ары – ФАП) үчүн медициналык жабдууларды сатып алууга жумшай албайт. Ошол эле маалда ЖӨБ органдары муниципалдык мүлктү (мисалы, ФАПтын имаратын же жайын) күтүүгө жергиликтүү бюджеттен каражат сарптай алышат. Анткени ал муниципалдык менчик болуп эсептелет. КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2006-жылдын 24-ноябрындагы №627 "Фельдшердик-акушердик пункттардын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук документтерди бекитүү жөнүндө" Буйругуна ылайык, ФАП тейленүүчү калкка алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөткөн үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун структуралык бөлүмү болуп эсептелет.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация КР Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашып, калктуу конушта ФАПты ачууга жана жабууга укуктуу. ФАПтын штаттык саны да КР Саламаттык сактоо министрлигинин 2001-жылдын 2-апрелиндеги №101 "Үй-бүлөлүк медицина борбору жөнүндө" буйругуна ылайык аныкталат.

КР Саламаттык сактоо министрлиги жана анын тийиштүү структуралык бөлүмдөрү ФАПты жабдуулар, байланыш каражаттары жана транспорт (велосипед, көлүк унаа же транспорттун башка түрлөрү) менен жабдышы керек.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин уруксат берүүчү документтери бар болсо калкка даяр дармек формаларын жана башка дарыкана товарларын сатуу боюнча дарыкана пунктунун функциялары да ФАПка жүктөлгөн.

## Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышуу жөнүндө

**Эмне үчүн саясий партиялардан депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүүгө байланыштуу айылдык аймактар үчүн чектөө киргизилген жана бул эмне менен негизделет?**

Биздин өлкөнүн шайлоо мыйзамдарында, аны менен катар 2011-жылдын 14-июлундагы №98 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамында саясий партиялардын атынан депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүү үчүн саясий партияларга чектөөлөр белгиленген эмес. Саясий партиялар да айылдык кеңештерге шайлоого катышып, өз талапкерлерин депутаттыкка көрсөтө алышат. Саясий партиялардын өз талапкерлерин шаардык кеңештердин депутаттыгына жана айылдык кеңештердин депутаттыгына көрсөтүү тартибинде гана айырма бар. Анткени шаарларда шаардык кеңештерге депутаттарды шайлоо пропорциялык система боюнча өткөрүлөт. Мында шаардын аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп эсептелет. Ал эми айылдык кеңештерде шайлоо мажоритардык система боюнча өткөрүлөт. Мында айылдык аймактын территориясы көп мандаттуу шайлоо округдарына бөлүнөт.

Бул суроого толугураак жоопторду "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 2, 49, 60-беренелеринен тапса болот. 2-беренеде төмөнкүдөй түшүнүктөрдүн жана терминдердин аныктамасы берилген: бирдиктүү шайлоо округу – администрациялык-аймактык бирдиктин бүткүл аймагы кирген шайлоо округу, анда ушул Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону пропорциялык система боюнча жүргүзүүгө жол берилет; көп мандаттуу шайлоо округу - бир нече депутат шайланган жана алардын ар бири үчүн шайлоочулар жеке добуш берген шайлоо округу.

49-берене жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугун төмөнкүлөргө таандык деп аныктаган:

1) шаарлардын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга;

2) айылдык аймактын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

1) пропорциялуу система боюнча шайлоодо - ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык орундардын санынан бир жарым эседен кем эмес ашкан сандагы талапкерлерди;

2) мажоритардык система боюнча шайлоодо - ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ал округ боюнча белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди.

60-беренеде айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо тартиби аныкталган. Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди каттоо үчүн талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калгандан кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөнкүлөрдү берет:

1) партиянын (мажоритардык система боюнча саясий партия тарабынан талапкер көрсөтүлгөн учурда) аталышын көрсөтүү менен саясий партиянын талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечими же өзүн өзү көрсөтүү жөнүндө арыз;

2) өзү жөнүндө маалыматтары (биографиялык жана башка маалыматтар) менен талапкер тарабынан толтурулган атайын форманы;

3) талапкердин паспортунун көчүрмөсүн. M

# Швейцариянын өнүктүрүү жана Кызматташтык боюнча Башкармалыгы каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## Чүй облусунун муниципалдык веб сайттарынын администраторлору Пайдалануучунун колдонмосу менен таанышты

2017-жылдын 30-июнунда Бишкекте муниципалдык сайттардын мазмунун башкаруу системасы Пайдалануучунун колдонмосу тартууланды. Окуу китеби ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Чүй облусунун 11 элеттик муниципалитети үчүн ачылган муниципалдык веб сайттардын администраторлору үчүн атайын иштелип чыккан.

“Контентти башкаруу системасы (CMS) сайттын администраторлоруна кандайдыр бир атайын көндүмдөрсүз сайтты башкарууга жардам берүү максатын көздөйт. Башкача айтканда алар жаңы барактарды, жаңылыктарды жарыялап, сүрөттөрдү жана видеолорду жүктөп, тышкы ресурстарга шилтеме жасап, дагы башка функцияларды аткара алышат, - деди окуу китебинин автору, Weltkind веб-студиясынын өкүлү. – Бул контентти башкаруу системасынын айырмалуу бир жагы – сайттарды башкаруу үчүн кеңейтилген функционал, коопсуздук жана колдонуу да жеңил болот”.

Бет ачардын жүрүшүндө катышуучуларга өз веб сайтына материалдарды жана сүрөттөрдү өз алдынча даярдоо жана жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү берилди. Долбоордун адистери – IT адиси Станислав БАЛЫБИН жана коомчулук менен байланыш боюнча адис Нургуль ЖАМАНКУЛОВА тренер болушту.

“Жакында эле Долбоордун колдоосу менен ачылган муниципалдык веб-сайттардын бизге окшогон жаңы редакторлору үчүн баарын угуп, көрүп, өз алдыбызча жасоо үчүн жакшы жакшы шарт түзүлдү, - деп айтты Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн экономист-статисти Бактыгуль. – Иш-чара учурунда биз материалдарды сайттын түрдүү бөлүмдөрүнө жайгаштыра алдык. Мага бул абдан кызыктуу болду. Анткени буга чейин веб-сайтты сыртынан эле, даяр түрүндө көрүп жүрчүмүн. Эми болсо мындайча айтканда “ашканасын” ичинен көрүп, атүгүл ал жерде “кыймылдай” да баштадым”.

Бир күн бою веб-сайттардын бардык администраторлору өз алдынча жумуштарды аткарып, аны кийинки апталарда да улантууга милдеттеништи.

Маалымат үчүн: 2016-жылдын декабрь айында 6 элеттик муниципалитет үчүн веб-сайттар даярдалып, сайттарды иштеп чыккандар практикалык Киришүү семинарын өткөрүшкөн. Иш-чаранын жүрүшүндө катышуучуларга муниципалдык сайтты башкаруунун теориялык бөлүгү берилген. Андан кийин катышуучулар муниципалитеттин сайтын өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.











## Миң уккандан бир жолу көргөн артык



Ош, Нарын жана Чүй облустарынын 27 муниципалитетинен кырктан ашуун өкүл жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык-айкындуулугуна жетүү жана жоопкерчиликти күчөтүү максатында жарандарды бюджеттик процесске тартуу практикасы жана жергиликтүү маанидеги маселелерди биргелешип чечүү чөйрөсүндө тажрыйба алмашты.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында тажрыйба алмашуу сапары үстүбүздөгү жылдын 27-28-июль күндөрү Чүй облусундагы Жайыл районунун Ак-Башат (АА) жана Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айылдык аймактарынын (АА) чегинде өттү.

“Бул өңдүү иш-чаралар катышуучуларга объ-





екттерге барып, кесиптештеринин иш-чараларына катышуу аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн ийгиликтүү тажрыйбасын практика жүзүндө көрүү мүмкүнчүлүгүн берет, - деп айтты Долбоордун жетекчиси Бекболот Бекиев. - ЖӨБ органдары жана максаттуу муниципалитеттердин өкүлдөрү коомдук иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү аркылуу өз ишинин ачыктык жана айкындуулугу чөйрөсүндөгү жетишкендиктер, коомдук иш-чаралар алдында маалымат өнөктүгүн уюштурууда жана өткөрүүдөгү кыйынчылыктар жана анын усулдары тууралуу маалыматтар менен да бөлүшөт. Бул иш-чарага Ош облусунун 10 жана Нарын облусунун 5 муниципалитетинен айыл өкмөт башчылары жана Долбоор менен иш алып баруу боюнча айыл өкмөтүнөн координаторлор чакырылган. Ага Долбоор 2015-жылдын апрель айынан 2017-жылдын мартына чейин кызматташкан Чүй облусунун 12 муниципалитетинин башчылары да катышат".

Тажрыйба алмашуу сапарынын жүрүшүндө катышуучулар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн мыкты тажрыйбасын көрсөтө алган бир катар объекттерди кыдырып чыгышты. Ошондой эле алар Ак-Башат ААнын 2018-жылга бюджет долбоору боюнча коомдук угууларга жана Кочкорбаев ААнын "Суу – бул жашоо" ТСКАКБнын жалпы чогулушуна катышты. Кочкорбаев ААда өткөн чогулушта 2016-жылдын жана 2017-жылдын алгачкы жарым жылынын жыйынтыгы чыгарылып, ТСКАКБнын Уставына өзгөртүүлөр киргизилип, тарифтер каралып, акы төлөбөгөндөргө карата көрүлчү чаралар талкууга алынды.










# Акбашаттыктар 2018-жылга бюджет долбоорун талкуулашты

2017-жылдын 27-июлунда Чүй облусунун Жайыл районунун Ново-Николаевка айылындагы Маданият үйүндө кийинки жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулоо боюнча коомдук угуулар өттү. Бул күнү Ак-Башат айылдык аймагынын жашоочулары кийинки жылга алдын ала түзүлгөн бюджет менен таанышып чыгып, өз сунуштарын бере алышты.

Ак-Башат айыл өкмөтүнүн башчысы Канатбек ҮМӨТАЛИЕВдин айтымында 2018-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоору 24 миллион сомдон ашуун суммага түзүлдү. "Бюджеттин чыгашаларын аныктоодо негиз катары өткөн жылга чыгашалар алынды. Алар экономикалык кырдаалга, инфляциялык процесстерге жана Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун (ЖМБА) жүрүшүндө аныкталып, Биргелешкен аракеттер планында (БАП) чагылдырылган калктын артыкчылыктарына жараша түзөтүлгөн, - деп айтып берди АӨ башчысы. – 2018-жылга бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн долбоору 24 млн. 611,1 миң сом өлчөмүндө аныкталды. Төмөнкү маселелер 2018-жылы артыкчылыктуу болуп эсептелинет: Ново-Николаевка айылындагы жолдордун ремонту – 3 млн. 500 миң сом; Бирлик айылындагы көчөлөрдү жарыктандыруу – 1 млн. 200 миң сом; Таштанды чыгаруу – 150 миң сом.

Бул чыгашалардын баарына жамааттын колдоосун алууну пландап жатабыз. Коомдук угууларга эки апта калганда биз муниципалитеттин калкы арасында маалымат өнөктүгүн жүргүздүк. Бул өз таасирин тийгизди – бүгүн келген катышуучуларда талкууга алып чыккан бюджет тууралуу элес пайда болду. Ошондой эле биз биринчи жолу аймактын тарыхында алдыда болчу иш-чара тууралуу маалымдоо механизмине өзүбүздүн муниципалдык сайтыбызды да коштук".

Бюджет долбооруна ылайык, 2018-жылга чыгашалар негизинен төмөнкүдөй чөйрөлөргө багытталган. Презентациялардын соңунда катышуучулар өз суроолорун узатып, сунуштарын киргизишти.

| Чыгашалардын аталышы | 2017 | | 2018 | |
|---|---|---|---|---|
| | Бекитилген бюджет | Баары-нан | Бюджет долбоору | Баары-нан% |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 4 602,9 | 20% | 5 020,9 | 20% |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 5 938,0 | 26% | 7 296,8 | 30% |
| Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 5 052,6 | 22% | 4 031,8 | 16% |
| Билим берүү | 6 851,2 | 30% | 7 611,6 | 31% |
| Социалдык коргоо | 545,0 | 2% | 650,0 | 3% |
| Бардыгы | 22 989,7 | 100% | 24 611,1 | 100% |



# Чүй облусунун Кочкорбаев муниципалитетинде ичүүчү сууну эффективдүү колдонуу маселелери талкууланды

2017-жылдын 28-июлунда Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Кочкорбаев айылдык аймагынын Кеңеш айылында жалпы чогулуш өттү. Ага “Суу – бул жашоо” Таза суу колдонуучулардын айылдык коомдук бирикмесинин (ТСКАКБ) мүчөлөрү катышты. “Суу – бул жашоо” ТСКАКБ өз ишин Уставдын жана Юстиция министрлигинин 2001-жылдын 26-октябрында юридикалык жакты мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүктүн негизинде жүргүзүп келет.

Жалпы чогулуштун күн тартибине төмөнкү маселелер киргизилди: “Суу – бул жашоо” ТСКАКБнын 2016-жыл ичинде жана 2017-жылдын биринчи жарым жыл ичинде жасаган иши тууралуу маалымат, ТСКАКБ Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү, тарифти карап чыгуу, акы төлөбөгөндөр менен иш алып баруу.

“Суу – бул биздин баа жеткис байлыгыбыз жана биз аны акылдуулук менен колдонуп, үнөмдөшүбүз керек. Мен баарыңарды, урматтуу катышуучулар, бүгүн күн тартибине коюлган маселелерди талкуулоого жигердүү катышууга чакырам”, - деп айтты Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы чогулушту ачып жатып.

ТСКАКБ директору Милан КАРАГУЛАКОВ уюмдун 2016-жыл жана 2017-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн отчету менен тааныштырды: “ТСКАКБ Кеңеш жана Буденовка айылдарынын калкын таза суу менен камсыздап келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен иш-аракети “Суу – бул жашоо” ТСКАКБ менен Кочкорбаев ААнын айыл өкмөтү ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде, ал эми суу колдонуучулар менен жеке келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө суу колдонуучулар айына 25 сом же жылына 300 сом төлөшөт. Кызмат көрсөтүүгө жеткиликтүүлүк төмөнкүлөр үчүн камсыздалган:

- Кеңеш айылында – 364 абонент, суу колдонуучулардын саны - 2010,
- Буденовка айылында – 417 абонент, суу колдонуучулардын саны – 2590.

Бул жерде калктын карызы чоң көйгөй. 2017-жылы карыз 850 000 сом болгон. Бул болсо ТСКАКБнын бюджетинин 33% түзөт. Эмне үчүн мындай болуп жатат? Жообу жөнөкөй – биз сууну максатсыз пайдаланып жатабыз! Калк короо-багын ичүүчү суу менен сугарып келүүдө. Албетте маалыматтык-түшүндүрүү иштери жүрүп жатат: үймө-үй кыдырып, текшерүү акттары түзүлүп, ал акт аксакалдар сотуна өткөрүлүп берилет, алар болсо оозеки эскертүү бергени менен жыйынтыгы жок”.

ТСКАКБ кызматкерлеринин баяндамаларынан кийин талкуу өтүп, анын жыйынтыгы боюнча акы төлөбөгөндөр менен иш алып баруу боюнча сунуштар түштү.

